# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ГЕНДЕР ЖААТЫНДАГЫ МАКСАТТАР

Статистикалык жыйнак

2023



STAT.KG

UN WOMEN

WOMEN COUNT

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА

# ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ГЕНДЕР ЖААТЫНДАГЫ МАКСАТТАР

Статистикалык жыйнак 2014-2021

Бишкек 2023

**Кыргыз Республикасында туруктуу өнүктүрүү жана гендер жаатындагы максаттар 2023.** Статистикалык жыйнак. - Б.: 2023. - 68 с.

Басып чыгарууга жооптуулар:
Н. Керималиева
Г. Самохлеб
Н. Байханова

Гендердик эксперт:  М. Карыбаева

Редактор: Н. Власова

Компьютердик калыптоо: Н. Пизан

Шарттуу белгилер:

– көрүнүштөр жок;
... маалымат жок;
0,0 көрсөткүч белгиси өлчөө бирдигинен аз

Автордук укук ©2023 КР Улуттук статистика комитети жана «БУУ-аялдар» түзүмү. Бардык укуктар корголгон.

Бул жыйнак гендердик маалыматтарды жана статистиканы жакшыртуу боюнча «Ар бир аял жана кыз маанилүү» (Women Count) региондук программасынын колдоосунда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана «БУУ-аялдар» түзүмү тарабынан иштелип чыкты.

Ушул басылмада айтылган пикирлер авторлордун пикири болуп саналат жана «БУУ-аялдар» түзүмүнүн, Бириккен Улуттар Уюмунун же ага тиешелүү ар кандай уюмдардын көз караштарын милдеттүү чагылдырбайт.

**© УСК 2023**
**© БУУ-аялдар 2023**

# МАЗМУНУ

**КИРИШҮҮ** 6

**I. АДАМ-ҮЙ БҮЛӨ-КООМ** 7

ТӨМ 1. Жакырчылыкты жоюу 8

ТӨМ 2. Ачкачылыкты жоюу 12

ТӨМ 3. Ден-соолукту бекемдөө 14

ТӨМ 4. Сапаттуу билим берүү 21

ТӨМ 5. Гендердик теңчилик 30

**II. ЭКОНОМИКАЛЫК БАКУБАТТУУЛУК** 39

ТӨМ 6. Таза суу жана санитария 40

ТӨМ 7. Арзан жана таза энергия 43

ТӨМ 8. Татыктуу эмгек жана экономикалык өсүш 45

ТӨМ 9. Индустриялаштыруу, инновациялар жана инфраструктура 52

ТӨМ 10. Теңсиздикти кыскартуу 54

ТӨМ 11. Туруктуу шаарлар жана калктуу конуштар 58

**III. МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ** 61

ТӨМ 16. Тынчтык, сот адилеттиги, натыйжалуу башкаруу 62

ТӨМ 17. Туруктуу өнүктүрүү кызыкчылыгындагы өнөктөштүк 66

# КЫСКАРТУУЛАР ЖАНА АББРЕВИАТУРАЛАР

**ЖТК** Жол-транспорт кырсыгы

**ҮЧИИ** Үй чарбасынын бюджеттерин жана жумушчу күчтү интегралдык тандалма иликтөө

**ККИ** Көп көрсөткүчтөр боюнча кластердик иликтөө

**КР** Кыргыз Республикасы

**ВЧА** ВИЧга чалдыккан адамдар

**ИИМ** Ички иштер министрлиги

**УСК** Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети

**ИИО** Ички иштер органдары

**БУУ-аялдар** Гендердик теңчилик жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү маселелери боюнча Бириккен Улуттар Уюмунун түзүмү

**КР КЖК** Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодекси

**ТӨМ** Туруктуу өнүктүрүү жаатындагы максаттар

# КИРИШ СӨЗ

***Урматтуу окурмандар!***

Сиздердин назарыңыздарга «БУУ-аялдар» түзүмүнүн колдоосунда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан даярдалган «Кыргыз Республикасында туруктуу өнүктүрүү жана гендер жаатындагы максаттар» статистикалык жыйнагынын биринчи басылмасын сунуштайбыз.

Кыргыз Республикасы башка өлкөлөр менен катар эле Туруктуу өнүктүрүү максаттарын (ТӨМ) улутташтыруу жолу аркылуу 2030-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүү боюнча күн тартибинин алкагында эл аралык милдеттенмелерди аткарууга милдеттенген. Ошентип, 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын Өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясына ылайык Кыргызстан 2030-жылга чейинки күн тартибинде кабыл алынган ТӨМге жетишүүгө умтулат.

«Гендердик теңчиликке жетишүү жана бардык аялдар менен кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү» ТӨМ 5 гендердик теңчиликке жетишүүгө арналган. Буга карабастан, гендер 2030-жылга чейинки күн тартибинин бардык 17 максатын камтыган кайчылаш маселе болуп саналат жана гендердик теңчиликке жетишпей туруп ТӨМгө жетүү мүмкүн эмес.

Өлкө ошондой эле Адам укуктарынын жалпы декларациясы, Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө БУУнун Конвенциясы, Пекин декларациясы жана Иш-аракеттер платформасы сыяктуу гендердик теңчилик жаатындагы бир катар башка эл аралык келишимдерге да милдеттенме алган, анын алкагында өлкө алдыга коюлган милдеттерге жетүүгө жана иш-чараларды ишке ашырууга аракет кылышы керек. Гендердик мамилелерди негизги стратегиялык документтерге жана алардын иш пландарына киргизүү гендердик теңчиликти натыйжалуу илгерилетүүнүн маанилүү шарты катары аныкталган.

Статистикалык система өз кезегинде Кыргыз Республикасы тарабынан бул милдеттенмелердин аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн көрсөткүчтөрүн даярдоо үчүн жоопту.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети өлкөдө гендердик теңчиликке жетишүү боюнча прогресске баа берүү үчүн эң маанилүү курал катары гендердик статистиканы өндүрүүгө өзгөчө көңүл бурат.

Бул басылманын максаты – өлкөбүздүн туруктуу өнүгүүсүнө жетишүүнүн учурдагы абалы жана прогресси жөнүндө, ошондой эле негизделген саясий жана башкаруучулук чечимдерди кабыл алуу жана ТӨМдү ишке ашырууда ийгиликке жетүү үчүн мындан аркы артыкчылыктуу кадамдарды аныктоого көмөк көрсөтүү жана аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн коомчулукка жана мамлекеттик башкаруунун кызматкерлерине маалымат берүү.

*Урматтоо менен,*

*Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитетинин төрагасы*

*Кудайбергенов Бактыбек Жапарович*

# КИРИШҮҮ

2015-жылдын 25-сентябрында БУУга мүчө мамлекеттер 2030-жылга чейин туруктуу өнүктүрүү жаатындагы күн тартибин кабыл алышкан, ага жетишүү жакырчылыкты жоюуга, планетанын ресурстарын сактоого жана баары үчүн бакубаттуулукту камсыз кылууга мүмкүндүк берет. Күн тартип 2030 өзүнө 17 максатты, 169 милдетти жана аларга жетишүүгө мониторинг жүргүзүүнүн 232 көрсөткүчүн камтыйт.

Күн тартип 2030 негизги билдирүүсү: «Эч ким унутулбашы керек!». Мындай мамиле азыркы дүйнөдөгү теңсиздик анын масштабын азайтуу үчүн чечкиндүү чараларды талап кылган структуралык көйгөй экенин моюнга алат. Аялдар менен эркектердин теңчилигин илгерилетүү, аялдар менен кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү 2030-жылга чейинки Күн тартиптин өзөгүн түзөт. Бул өзүнчө 5-максат гана эмес, башка максаттарга да кайчылаш мамиле. Гендердик теңчилик – адамдын негизги укугу гана эмес, ал тынчтыкка, гүлдөп-өнүгүүгө жана туруктуу өнүктүрүүгө жетишүү үчүн маанилүү негиз болуп саналат.

Кыргыз Республикасы ТӨМдү улутташтыруу жолу аркылуу 2030-жылга чейин Туруктуу өнүктүрүү боюнча күн тартибин жактай тургандыгын тастыктады. Ошондой эле, Кыргыз Республикасы 1996-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Аялдарга карата дискриминациянын бардык түрлөрүн жоюу боюнча конвенциясын ратификациялап, Пекин платформасынын иш-аракеттерин кабыл алган.

2040-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын артыкчылыктуу багыттарынын бири – жарандарга бакубаттуулугунун деңгээлине жана социалдык абалына, жашаган жерине жана этноско таандыктыгына, дин тутуу, гендердик жана башка айырмачылыктарына, ден-соолугунун абалына карабастан өз жөндөмдөрүн ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү берүү.

2020-жылы Бириккен Улуттар Уюмунун Экономикалык жана социалдык кеңешинин (ЭКОСОС) Туруктуу өнүктүрүү боюнча жогорку деңгээлдеги саясий форумунда Кыргыз Республикасы Туруктуу өнүктүрүү максаттарынын биринчи Улуттук ыктыярдуу баяндамасын сунуштады. Бул басылманын форматы ушул баяндаманын түзүмүнө негизделген жана ТӨМдүн көпчүлүк гендердик аспектилерине багытталган. Айрым ТӨМдөр (12-15) гана өзгөчө мааниге ээ эмес, өздөрүнүн маанилүүлүгүнө жана актуалдуулугуна карабастан, аларда дүйнөлүк жана улуттук деңгээлде бекитилген индикаторлордун расмий топтому, гендердик сезимтал көрсөткүчтөрү жок.

Бул басылма гендер маалыматтарын жана статистикасын жакшыртуу боюнча Making Every Woman and Girl Count программасынын алкагында Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн «БУУ-аялдар» түзүмүнүн Региондук кеңсесинин колдоосунда Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан даярдалган.

Басылмада расмий статистиканын, ведомстволук статистиканын маалыматтары, ошондой эле 2014 жана 2018-жылдары жүргүзүлгөн Көп көрсөткүчтөр боюнча кластердик изилдөөлөрдүн (ККИ) жыйынтыктары пайдаланылган. Негизги басым жынысы, жаш курагы, билим деңгээли жана кирешелери, ошондой эле аялдар менен эркектердин жашаган жери боюнча бөлүштүрүү менен жеткиликтүү көрсөткүчтөргө анализ жүргүзүүгө карай жасалган. Маалыматтар беш жыл үчүн – ТӨМ кабыл алынган жылдан баштап жана 2021-жылдын акырына карата берилген. Узак мөөнөттүү тенденцияларды анализдөө үчүн айрым учурларда 2010-жылдын статистикалык маалыматтары келтирилген.

# АДАМ-ҮЙ БҮЛӨ-КООМ

1 ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ ЖОЮУ

2 АЧКАЛЫКТЫ ЖОЮУ

3 ЖАКШЫ ДЕН СООЛУК ЖАНА БАКУБАТУУЛУК

4 САПАТУУ БИЛИМ

5 ГЕНДЕРДИК ТЕҢДИК

# ТӨМ 1.
# БАРДЫК ФОРМАДАГЫ ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫ БИРГЕЛЕШИП ЖОЮУ

ТӨМ 1 жакырчылык менен күрөшүүгө жана экономикалык өсүштү камсыз кылууга багытталган. Жакырчылык аялдардын жана эркектердин абалына ар кандай таасир этет. Аз кирешелер, алардын бөлүштүрүүдө теңсиздик, жакырлардын мамлекеттик социалдык кызмат көрсөтүүлөргө карата чектелүү мүмкүнчүлүгү салттуу гендердик ролдорду жана стереотиптерди бекемдейт.

*2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы[1] өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө жана ТӨМгө жетишүүгө багытталган. Аны ишке ашыруунун натыйжасында калктын социалдык жактан аялуу катмарына багытталган социалдык коргоонун минималдуу стандарттарын ар бир адамга кепилдеген социалдык колдоо системасы түзүлөт.*

*Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегиясында[2] бул көйгөйдү аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү призмасы аркылуу кароо менен жакырчылыкты кыскартууга жана анын гендердик аспектилерине өзүнө камтыбайт.*

## ТӨМ 1.2.1 Өзүнүн бардык көрүнүштөрүндө жакырчылыкты азайтуу

*Кыргыз Республикасында ар бир үчүнчү адам улуттук жакырчылыктын чегинде жашайт.* Улуттук жакырчылыктын деңгээли акыркы жылдары кыйла төмөндөдү жана 2019-жылы 20,1 пайызды түздү (ТӨМ 1.2.1). Бирок, Covid-19 жана андан кийинки инфляциянын өсүшү калктын бакубаттуулугуна терс таасирин тийгизди жана 2021-жылы ар бир үчүнчү кыргызстандык жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган.

*Айыл жеринде да, шаар жеринде да жакырчылыктын деңгээли 33,3 пайызды түздү.*


Жалпысынан жакырчылыктын деңгээлиндеги гендердик ажырым анча деле байкалбайт. Эгерде 2015-жылы жакыр жашагандардын жалпы санында аялдардын үлүшү 51,3 пайызды түзсө, 2021-жылы ал 52,5 пайызды түзгөн. *Ошол эле учурда элеттик аялдар калктын аялуу категорияларынын бири бойдон калууда.* 2021-жылы жакырчылыкта жашаган аялдардын жалпы санынын ичинде элеттик аялдардын үлүшү 61,8 пайызды түздү. Аялдар арасындагы жакырчылыктын эң жогорку деңгээли 25 жаштан 54 жашка чейинки курактагы аялдарда (33,4 пайыз) байкалган.

[1] Кыргыз Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 31-октябрындагы ПЖ №221 Жарлыгы менен бекитилген, http://www. stat.kg/ru/ukaz-prezidenta-kyrgyzskoj-respubliki-o-nacionalnoj-strategii-razvitiya-kyrgyzskoj-respubliki- na-2018-2040-gody/

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 16-сентябрындагы № 513 токтому менен бекитилген, http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/12728


*Өзгөчө категория – иштеген жакыр адамдар, анткени жумушка ээ болуу дайыма эле татыктуу жашоого кепилдик бере бербейт:* 2021-жылы жумуш менен камсыз болгон калктын 24,7 пайызы расмий жакырчылыктын чегинен төмөн жашаган (ТӨМ 1.2.1.1а). Бул категорияга үй-бүлөсүндө бир нече багуудагылары бар аз маяна алган адамдар кирет, мындай шарттарда үй-бүлөнүн ар бир мүчөсү үчүн кирешенин минималдуу деңгээлин камсыз кылуу кыйынга турат. Ошол эле учурда, иштеген эркектердин арасында жакырчылыктын деңгээли 4 пайыздык пунктан жогору жана бул гендердик дисбаланс акыркы жылдарга чейин сакталып келет.

**2021-Ж. АР БИР ҮЧҮНЧҮ**
кыргызстандык улуттук жакырчылыктын чегинен тышкары жашаган



**1-график.**

**Улуттук жакырчылыктын чегинен тышкары жашаган өлкө калкынын үлүшү**
*(тиешелүү категориядагы калктын санына карата пайыз менен)*






**2нин 1и**


бул жакыр аялдар



**Дээрлик 62%** жакыр аялдар **элеттиктер**

**2-график.**

**Курактык топтор боюнча 2021-жылдагы улуттук жакырчылыктын деңгээли**
*(пайыздарда)*



2021-жылы айыл чарбасында иштегендер арасындагы жакырчылыктын деңгээли 24,3 пайызды түзсө, айыл чарбалык эмес сектордо иштегендер арасында 24,8 пайызды түздү.

*Эң көп жайылтылган жакырчылык көп балалуу үй-бүлөлөрдө.* 2021-жылы беш же андан көп балалуу үч үй-бүлөнүн дээрлик экөөсү (62,5 пайыз) жакырчылыкта жашашкан, бул көрсөткүч 2015-жылы 84,9 пайызды түзгөн. 2019-жылга чейин көп балалуу үй-бүлөлөрдөгү жакырчылыктын жыл сайын кыскарышы белгиленген, бирок 2021-жылы жакырчылыктын жалпы өсүшүнүн фонунда көп балалуу үй-бүлөлөрдөгү жакырчылык да олуттуу өскөн.

*Жакырчылык – көп аспекттүү социалдык-экономикалык категория.* Көп өлчөмдүү жакырчылыктын[3] деңгээли 2021-жылы бүткүл өлкө боюнча 48,5 пайызды түздү, ал эми айыл жеринде ал бир топ жогору – 52,6 пайызды түзөт (ТӨМ 1.2.2). Аялдар менен эркектер бирдей деңгээлде көп өлчөмдүү жакырчылык коркунучуна кабылышат. Бирок, башка курак категорияларына салыштырмалуу эң аялуу 18 жашка чейинки балдар (58,2 пайыз).

## ТӨМ 1.3.1 Социалдык коргоо

Республикада жаш курагы боюнча пенсионерлердин саны туруктуу өсүүдө. Акыркы беш жылдын ичинде жаш курагы боюнча пенсия алуучулардын жалпы саны 12,6 пайызга өстү. Бул калктын картаюусуна байланыштуу: 2021-жылы калктын жашоо узактыгы 71,8 жашты (2015-жылы - 70,6 жаш), ал эми гендердик ажырым 8,2 жашты түзгөн.

**ДАЙЫНДАЛГАН ПЕНСИЯЛАРДЫН ӨЛЧӨМҮНДӨГҮ ГЕНДЕРДИК АЖЫРЫМ:**




**10ДУН 7СИ** жашы боюнча пенсионер бул аялдар





**График 3.**

**Жынысына карата пенсиялардын орточо өлчөму** *(сом)*




[3] Кыргыз Республикасында көп өлчөмдүү жакырчылыкты беш аспект боюнча эсептөө методикасы бекитилди: акча жакырчылыгы, саламаттыкты сактоо, турак жай шарттары, азык-түлүк коопсуздугу

*Жашы курагы боюнча пенсионерлердин 69 пайыздан ашыгы аялдар жана 31 пайызга жакыны гана эркектер.* Улуттук мыйзамдарга ылайык аялдардын пенсияга чыгуу курагы беш жыл эрте. Алсак, аялдардын арасында эмгекке жарамдуу курактагы адамдардын үлүшү 11,8 пайызды, эркектердин арасында 5,2 пайызды түздү.


Орточо алганда аялдар менен эркектердин пенсияларынын өлчөмдөрүнүн айырмасы анчалык деле жок. Ошол эле учурда, 2021-жылы дайындалган пенсиялардын өлчөмүндөгү гендердик ажырым 0,0 пайызды түзгөн.

*Мамлекеттик ай сайын берилүүчү социалдык жөлөкпулдарды* (51,6 пайыз) жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөкпулдарды (51,4 пайыз) алуучу калктын үлүшүндө аялдар басымдуулук кылган. 2021-жылы 1 217 миң адам же калктын 18,0 пайызы мамлекеттик пенсиялардын жана жөлөкпулдардын ар кандай түрлөрүн алышкан.


**4-график.**

**2021-жылы калктын экономикалык активдүүлүгүнө жараша жакырчылыктын деңгээли** *(%)*

**ЧАРБА СЕКТОРУНДА ИШЕТЕГЕНДЕР**




**ЧАРБА СЕКТОРУНДА ИШЕТЕГЕНДЕР**




**ЖУМУШСУЗДАР, ЭКОНОМИКАЛЫК АКТИВСИЗДЕР**







**График 5.**

**2021-жылы социалдык төлөмдөрдү алуучулардын саны**


**Жашы боюнча пенсия алуучулардын саны** **572 373**




**Мамлекеттик ар айлык жөлөкпул алуучулардын саны** **99 075**




**Балдары бар аз камсыз болгон ар айлык жөлөкпул алуучулардын саны** **359 547**



# ТӨМ 2.
## Ачкачылыкты жоюу, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу, тамак-ашты жакшыртуу жана туруктуу айыл чарбасын өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүү

Азык-түлүк коопсуздугу жана жетишсиз тамактануу гендердик теңсиздикти күчөтөт. Аялдар азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууда абдан маанилүү роль ойношот, анткени алар тамак-ашты өндүрүүдө жана керектөөдө негизги орунда турат.

*2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясынын агрардык өнөр жай комплексин өнүктүрүү максаттарынын бири өндүрүштүн көлөмүн көбөйтүү жана өлкөнүн азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылуу болуп саналат. Бул максатка жетүү үчүн өкмөт гендердик климатка жооп берген айыл чарбаны өнүктүрүү саясатын илгерилетүүдө.*

Бул максаттын милдеттеринин бири катары балдардын физикалык жактан өнүгүү стандарттарына ылайык өзүнүн курагы үчүн өсүүсү орточо өсүштөн эки стандарттык четтөөдөн төмөн болгон 5 жашка чейинки балдардын үлүшүн эки эсе азайтуу болуп саналат (ТӨМ 2.2.1). 2018-жылы 5 жашка чейинки балдардын арасынан өсүүсүнүн кечеңдегендиги 2014-жылдагы 12,9 пайызга караганда 11,8 пайызды түздү. Балдардын арасында (12,5 пайыз) бул көрсөткүч кыздардын арасындагыга (10,9 пайыз) караганда бир нече жогору. Өсүүсү кечеңдеген балдардын көпчүлүк саны 1,5 – 2 жаштагы балдарга туура келет. Бул көрсөткүч эненин билим деңгээлине жараша болот: энелери жогорку билимдүү болгон балдарда жалпы билим алган энелердин (14,8 пайыз) балдарына караганда ал төмөн ((10,0 пайыз). Баланын өнүгүүсү кайсы бир деңгээлде үй-бүлөнүн жашоо абалынан да көз каранды: жакыр үй чарбаларында өсүүсү артта калган балдардын үлүштүк өлчөмү 14,0 пайызды түзөт, бирок квинтилдин байлар көрсөткүчүндө да өсүүсү артта калган балдар бар – 9,2 пайыз (ТӨМ 2.2.1).

2014-жылы арыктап кеткен балдардын 2,8 пайыз үлүшү 2018 жылы 2,0 пайызга кыскарган.

Бул көрсөткүч эненин билим деңгээлине да жараша болору байкалууда: толук жалпы жана жогорку билимдүү энелердин балдары азыраак арыктаган (1,8 пайыз). 5 жашка чейинки балдардын арасында тулку боюнун ашыкча салмагы тулку бой салмагы аз болгондорго салыштырмалуу кеңири тараган көрүнүш болуп саналат жана бул 7 пайыз балдарда белгиленген. Тулку боюнун салмагы ашыкча болгон балдардын кыйла жогорку үлүшү бир жашка чейинки балдарда байкалган.

Кыргыз Республикасынын калкынын дээрлик жарымы күнүнө кеминде 2100 Ккал керектешет. Ошол эле учурда ачка калуунун кеңири таркашы шаар калкынын арасында көбүрөөк, бул жерде 2100 Ккалдан аз керектеген калктын үлүшү 52,5 пайызды түзөт, бул айыл жериндегиге караганда 9,3 пайыздык пункт өлчөмгө жогору.

Ачка калуу, тамак-аштын түзүмүнүн өзгөчөлүгү жана саламаттык сактоо кызматтарына жетүүнүн төмөндүгү каны аз кош бойлуу аялдардын жогорку үлүшүнүн сакталып калуусуна алып келет, бул үлүш ондогон жылдардан бери бир калыпта калууда. 2021 жылы 10 кош бойлуу аялдын ичинен 3 аял каны аздуулук менен жабыр тарткан.

[3] ДССУ тарабынан белгиленген балдардын өсүү ченемине ылайык өсүүгө карата салмактын медиандык көрсөткүчүнөн орточо квадраттык четтөө >+2 же <-2

### 1-таблица.


**2018-жылы беш жашка чейинки балдардын арасында түрү боюнча (арыктоо же семирүү)[2] жетишсиз тамактануунун жайылтылышы** *(пайыздарда)*

| | Арыктоо (-2SD) | | Ашыкча салмак (+2SD) | |
|---|---|---|---|---|
| | 2014 | 2018 | 2014 | 2018 |
| **Кыргыз Республикасы** | **2,8** | **2,0** | **7,0** | **6,9** |
| **Жашаган жери боюнча** | | | | |
| Шаар конуштары | 2,6 | 1,8 | 8,2 | 7,0 |
| Айыл аймагы | 2,9 | 2,1 | 6,5 | 6,9 |
| **Жынысы боюнча** | | | | |
| Балдар | 2,8 | 2,0 | 7,8 | 6,8 |
| Кыздар | 2,9 | 2,1 | 6,1 | 7,1 |

*КККИ маалыматы боюнча.*

### 6-график.

**2100 Ккалден аз керектеген калктын үлүшү** *(пайыздарда)*




*Булак: УЧИИ*

**КАНЫ АЗ КОШ БОЙЛУУ АЯЛДАРДЫН ҮЛҮШҮ**




Ошентип, каралып жаткан мезгилдин ичинде Кыргыз Республикасында каны аз кош бойлуу аялдардын үлүшүнүн абдан жогорку көрсөткүчтөрү байкалууда. Толук кандуу тамактанбаган балдардын үлүшү, өсүүсүндө жана өнүгүүсүндө балдардын кечеңдөө деңгээли алардын энелеринин билим деңгээлинен түздөн-түз көз каранды экендиги байкалууда.

# ТӨМ 3.
## Ар кандай курактагылардын баары үчүн дени сак жашоону камсыздоо жана бакубат жашоосуна көмөк көрсөтүү

Аялдардын жана эркектердин ден-соолугун жана бакубат жашоосун жакшыртуу максатында гендердин жана ден-соолуктун өз ара байланыш түшүнүгүн кеңейтүү зарыл. Калктын саламаттыгынын көрсөткүчтөрү гендердик айырмачылыктарга ээ: аялдардын жана эркектердин жашоосунун узактыгы, ооруга чалдыгуусу, репродуктивдик ден-соолук көрсөткүчтөрү жана каза болуу себептери ар түрдүү.

*2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында саламаттыкты сактоо тармагына негизги басым жүрөк-кан тамыр жана онкологиялык оорулардан, ошондой эле энелердин жана ымыркайлардын өлүмүн азайтуу маселелерин чечүүгө багытталган. Энелердин өлүмүн 25 пайызга кыскартуу милдети коюлган, тирүү төрөлгөн 1000 балага карата балдардын жана ымыркайлардын өлүмүнүн көрсөткүчтөрү тиешелүүлүгү боюнча 18 жана 12 учурдан ашпого тийиш.*

Кыргыз Республикасынын туруктуу калкынын саны 2022-жылдын башына карата 6747,3 миң адамды түздү, анын ичинен 3348,7 миңи эркектер жана 3398,6 миңи аялдар.

*Аялдар менен эркектердин жашоо узактыгынын айырмасы 8,2 жыл.* 2021-жылы күтүлгөн жашоо узактыгы эркектердики 67,9 жашты, аялдардыкы 76,1 жашты түзгөн. Акыркы беш жылда аялдардын жана эркектердин орточо жашоо узактыгы 0,7 жылга өстү.

15 жана андан жогорку курактагы аялдар менен эркектердин 85 пайыздан ашыгы ден соолугун жакшы же абдан жакшы деп баалашат. Эркектер өздөрүнүн ден-соолугуна (88,0 пайыз) аялдарга (82,6 пайыз) салыштырмалуу жакшыраак баа беришет.

Зыяндуу шишик оорусу жогору бойдон калууда, атап айтканда, аялдар арасында 2021-жылы 2016-жылга салыштырмалуу бул көрсөткүч 4,1 пайызга төмөндөп, 100 миң калкка карата 86,0 учурду түзгөн. (ТӨМ 3.4.1). Бирок, буга карабастан, шишиктер өлүмдүн негизги себептеринин бири болуп калууда: каза болгондордун жалпы санынын 10,2 пайызын түзөт. 0 жаштан 24 жашка чейинки, ошондой эле 65 жана андан жогорку курактагы топтордо 2021-жылы ооруган эркектердин саны оорулуу аялдардын санынан ашып кеткен. Башка курактык топтордо ооругандардын саны боюнча аялдар басымдуулук кылат.

Орто эсеп менен республика боюнча күнүнө 11ге жакын адам кургак учук менен ооруйт. Калктын 100 000 адамына карата бул көрсөткүч 2016-жылдагы 93,4 учурдан 2021-жылы 58,1 учурга чейин азайган. Ошол эле учурда эркектер арасында кургак учук менен ооругандардын саны аялдарга караганда 1,3 эсеге жогору.

*Эркектердин да, аялдар арасында да В гепатитине (ВГВ) чалдыккандар жыл сайын азайып баратат.* 2021-жылы 100 000 калкка В вирустук гепатитинин (ВГВ) 1,8 учуру катталган, ошол эле учурда, эркектер арасында ооругандар (100 000 эркекке 2,5 учур)


мурунку жылдардагыдай эле аялдар арасында ооругандардан (1,1 учур) ашкан.

2021-жылы ВИЧге чалдыккандардын өсүшү байкалган (ТӨМ 3.3.1).

ВИЧ илдетин жугузган учурлардын санынын кыйла туруктуу өсүшү 2015-жылдан 2019-жылга чейин байкалган. Ошол эле учурда акыркы алты жылда диспансердик каттоодо турган ВИЧге чалдыкандардын саны 60 пайызга өстү.

**7-график.**

**2021-жылга 15 жана андан жогору курактагы калктын арасында ден соолугунун абалын жакшы жана абдан жакшы деп өзүн-өзү баалоолор**
*(тиешелүү категориядагы калктын санына карата пайыздарда)*




*Булак: УЧИИ.*

**График 8.**

**2021-жылда жашоонун күтүлгөн узактыгы** *(жыл)*






**График 9.**

**2021-жылы 100 000 калкка оорулардын негизги түрлөрү** *(учурлар)*



*Акыркы жылдарда баңгиликке жана алкоголдук ичимдиктерге көз карандылыктын азайышы байкалууда.* Эркектер арасында алкоголдук ичимдиктерге көз карандылыктын деңгээли дээрлик 2 эсеге азайып, 2021-жылы калктын 100 000ине 26,0 учурду түзүп, аялдар арасындагы ушул эле көрсөткүчтөн 3,5 эсеге ашкан. Баңги көз карандылыгы боюнча республика боюнча орточо эсеп менен 100 000 калкка 2,0 учур, эркектерде 100 000 калкка 3,9, аялдар арасында 0,1 учур катталган.

*Эркектердин өлүмүнүн көрсөткүчү аялдарга караганда жогору.* 2021-жылы эркектердин өлүмүнүн коэффициенти 1000 эркек калкка 6,5 учурду түзсө, аялдар үчүн бул көрсөткүч 5,1 учурду түзгөн.

*Кан айлануу системасынын оорулары жыл сайын өлүмдүн жарымынан көбүнө себепкер болуп саналат* (2021-жылы каза болгондордун жалпы санынын 51,1 пайызы). Бул оорулар ошондой эле эмгекке жарамдуу курактагы калктын өлүмүнүн негизги себептери болуп саналат (32,4 пайыз). 2021-жылы жүрөк-кан тамыр ооруларынан өлүм 100 000 калкка 297,1 учурду түздү жана салттуу түрдө бул көрсөткүч эркектер арасында бир аз жогору.

*Кант диабетинен каза болгондордун саны эркектерге караганда аялдардын арасында жогору.* Акыркы беш жылда кант диабетинен каза болгондордун саны өстү. 2021-жылы бул себептен улам аялдардын өлүмү 100 000 адамга карата 8,3 учурду, эркектерде 5,8 учурду түзгөн.

**2-таблица.**

**2021-жылы 100 000 калкка жүрөк-кан тамыр ооруларынан, шишиктерден, кант диабетинен жана өнөкөт респиратордук оорулардан каза болгондор (ТӨМ 3.4.1)** *(учурлар)*

| | Баары | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|---|
| Жүрөк-кан тамыр ооруларынан каза болгондор | 297,1 | 283,3 | 311,0 |
| Шишик дарттарынан каза болгондор | 59,5 | 56,4 | 62,7 |
| Кант диабетинен каза болгондор | 7,1 | 8,3 | 5,8 |
| Өнөкөт респиратордук оорулардан каза болгондор | 14,2 | 11,2 | 17,3 |


*Суицид бүгүнкү күндө адамзаттын глобалдуу жана эң курч көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат, ал калктын психикалык саламаттыгынын да, социалдык бакубаттуулугунун да индикатору болуп саналат.* Акыркы жылдарда өз жанын кыйгандардын тенденциясы төмөндөгөндүгүнө карабастан, анын көрсөткүчтөрү эркектер арасында туруктуу жогору бойдон калууда. Ошол эле учурда, эгерде 2021-жылы бүтүндөй республика боюнча 100 000 калкка өз жанын кыйгандардын 5,8 учуру белгилүү болсо, эркектер арасында 8,8 учур, же аялдарга караганда 3,1 эсе көп (2,8 учур).

*Өлүмдүн себептеринин түзүмүндө олуттуу үлүштү өлүмдүн табигый эмес себептери ээлейт*[4]*:* 2021-жылы 2 843 өлүм же каза болгондордун жалпы санынын 7,3 пайызы. Мындай өлүмдөрдүн жалпы санынын 29,6 пайызы жол-транспорт кырсыктарынын натыйжасында жабыр тарткандар жана каза болгондор. 2021-жылы ЖААК органдарында жол кырсыгынан каза болгон 841 адам катталган. Ошол эле учурда, эркектер арасында жол кырсыктарынын натыйжасында өлүмдүн деңгээли (100 000 эркек калкка 17,9 учур), бул ушундай эле учурдагы аялдардыкынан (7,3 учур) 2,5 эсеге ашык.

[4] Жаракат, уулануу жана тышкы себептердин кээ бир башка кесепеттери


**10-график.**

**100 000 калкка карата алкоголдук көз карандылыктын көрсөткүчү** *(учурлар)*




**11-график.**

**100 000 калкка карата суицидден жана жол-транспорт кырсыктарынан каза болгондор** *(учурлар)*




*Сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолукту коргоонун маанилүү элементи болуп төрөт курагындагы аялдарды үй-бүлөнү пландаштыруунун заманбап методдору менен камтуу деңгээли саналат* (ТӨМ 3.7.1). КККИнин маалыматына ылайык, 2018-жылы мындай методдорду колдонгон аялдардын үлүшү 67,4 пайызга чейин азайган (2014-жылы – 68,7 пайыз).

Контрацептивдерди эң көп колдонгондор 30-34 жаштагы (76,2 пайыз) жана 35-39 жаштагы (74,5 пайыз), жогорку билимдүү (74,3 пайыз) жана бакубаттуулук деңгээли жогору (71,4 пайыз байлар) курактагы аялдар.

Өспүрүм курактагы кош бойлуулук жана эне болуу олуттуу медициналык жана социалдык көйгөй болуп саналат. 2021-жылы республика боюнча 15 жаштан 19 жашка чейинки 1000 аялга карата 29,7 төрөт катталса, ал эми ал 2015-жылы 42,3 төрөт катталган. Бул көрсөткүч шаар жеринде орточо республикалык деңгээлден жогору болгон (төрөлгөн 37,5 бала), айыл жеринде (26,4 төрөлгөн бала) төмөн.


*Энелердин өлүмүнүн деңгээли туруктуу өнүгүүнүн негизги көйгөйлөрүнүн бири бойдон калууда* (ТӨМ 3.1.1). Акыркы жылдары жетишилген оң динамикага карабастан, Кыргызстанда энелердин өлүмү жогору бойдон калууда. 2021-жылы кош бойлуулуктун, төрөттүн жана төрөттөн кийинки мезгилдеги кыйынчылыктардан 50 аял каза болгон, же 100 миң тирүү төрөгөндөргө карата алганда 33,3 аял каза болгон. 2015-2019-жылдар аралыгында биринчи жолу айыл жеринде энелердин өлүмүнүн көрсөткүчү (22,3) шаарга (28,8) салыштырмалуу төмөндөгөн.

Бирок 2020-2021-жылдары кырдаал дароо өзгөргөн жана айыл жеринде энелер өлүмү 100 000 тирүү төрөгөндөргө карата алганда 49,2 учурга чейин жана 2021-жылы 39,5 учурга чейин өскөн.

*Төрөттүн 99 пайыздан ашыгы квалификациялуу медициналык адистер тарабынан кабыл алынат* (ТӨМ 3.1.2). Аялдардын медициналык мекемелерден тышкары төрөгөн учурлары сейрек кездешет, ошондуктан өзгөчө көңүл төрөттүн медициналык мекемеде болгондугуна эмес, медициналык персоналдардын квалификациясына, ошондой эле аялдын бүткүл кош бойлуу мезгилинде канчалык деңгээлде байкоого алынгандыгына өзгөчө көңүл бурууну талап кылат.


**12-график.**

**Жашаган жери боюнча 15-19 жаштагы өспүрүмдөр арасында төрөлүүлөр** *(бул курактык топтогу өлүмүнүн коэффициенти 1000 аялга карата алганда төрөгөндөр)*




**13-график.**

**100 000 тирүү төрөгөндөргө карата алганда энелер өлүмүнүн коэффициенти**




Кыргыз Республикасы
Айыл аймагы
Шаар конуштары

ККИ-2018 маалыматы боюнча, төрөттөгү аялдардын 84,2 пайызы дарыгердин, 15,4 пайызы медайымдын же акушерканын, 0,3 пайызы фельдшердин төрөткө чейинки көзөмөлүндө болуп, 0,2 пайызы андай көзөмөлдө болгон эмес.

Неонаталдык өлүм (ТӨМ 3.2.2) кыйла кыскарды жана 2021-жылы 11,9 учурду түздү, ал эми 2015-жылы 14,0 учурду түзгөн. Ошол эле учурда каза болгондордун арасында кыздарга караганда эркек балдар 2,5 пайыздык пунктка көп.

Балдар үчүн эмдөө 95 пайыздан ашты. ККИ-2018 маалыматы боюнча, 12-23 жана 24-35 айлык балдардын вакцина менен алдын ала турган балдар оорула-рына каршы эмдөө үлүшү кыйла жогору. Суралган үй чарбаларындагы балдардын 99,7 пайызында эмдөө картасы бар. Балдардын 2,4 пайызы эмделбейт, ал эми бул көрсөткүч кыздарга (0,7 пайыз) караганда эркек балдар арасында (3,9 пайыз) кыйла жогору.

**14-график.**

**1000 тирүү төрөлгөнгө карата неонаталдык өлүмдүн саны** *(1000 тирүү төрөлгөнгө карата 0-27 күндүк балдардын өлүмүнүн саны)*





**График 15.**

**Медициналык персонал**



*Квалификациялуу медициналык адистердин санынын азайышы байкалууда* (ТӨМ 3.с.1). 2021-жылы аял дарыгерлердин саны эркек дарыгерлердин санынан 2 эсе көп болгон жана алардын санынын төмөндөө тенденциясы бирдей деңгээлде эки жыныска тең мүнөздүү. Дарыгерлердин санынын өтө көп кыскаруусу Бишкек шаарында белгиленди: 2021-жылы 1000 адамга 2,1, ал эми 2010-жылы бул 1000 адамга 3,0 деп эсептелген. Ошону менен катар эле акыркы жылдары акушердик жана медайымдык персоналдын санында жана гендердик курамында дээрлик эч кандай өзгөрүүлөр болгон эмес. *Медициналык камсыздандыруу калктын 95,0 пайызын камтыйт, ал эми бул көрсөткүчтө жынысы боюнча олуттуу айырмачылыктар байкалбайт.*

Финансылык кыйынчылыктан улам медициналык кызматтан баш тартууга аргасыз болгон учурлар бар. Ошол эле учурда, акыркы жылдары мындай кызматтардан баш тарткандардын, өзгөчө аялдардын үлүшү азайганы байкалууда. Негизинен 55 жаштан ашкан адамдар, аялдар да, эркектер да кыйынчылыкка туш болушат.

ТӨМ 3 көрсөткүчтөрү боюнча эне жана ымыркай өлүмүн масштабын кыскартууда жакшы жылыш байкалды. Ошол эле учурда жүрөк-кан тамыр ооруларынан каза болгондордун саны жогорку деңгээлде калууда.

# ТӨМ 4.
## Бардыгын камтыган жана адилеттүү, сапаттуу билим берүүнү камсыз кылуу жана баары үчүн өмүр бою билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн илгерилетүү

*Гендердик сезимтал билим берүү системасы эмгек рыногунда аялдар менен эркектер үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөрдү андан ары түзүүдө, алардын турмуштук стратегияларынын спектрин кеңейтүүдө жана экономикалык, социалдык жана саясий теңсиздикти кыскартууда негизги ролду ойнойт. 2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында Кыргыз Республикасында билим берүүнүн сапатына багытталган модернизациялоо билим берүү саясаты ырааттуу ишке ашырыла тургандыгы белгиленген. Жарандардын бардык категориялары үчүн билим берүүнүн жеткиликтүүлүгү жана сапаты сыяктуу билим берүү системасын уюштуруунун принциптери сакталат.*


*Кыргызстанда аялдардын билим деңгээли эркектердикинен жогору.* ҮЧИИ маалыматына ылайык, 18 жана андан жогорку жаштагы ар бир бешинчи аял жогорку билимге ээ, ал эми ар бир жетинчи аял орто кесиптик билимге ээ. Ошол эле учурда орто жана жогорку кесиптик билими бар эркектердин үлүшү 27 пайыздан ашпайт. Мындан тышкары, жашаган жерине жараша аялдар менен эркектердин билим деңгээлинде чоң ажырым бар.

Акыркы жылдарда бардык деңгээлдеги билимге жеткиликтүүлүктү кеңейтүү, ошондой эле мектептерге, атап айтканда, аялдар менен кыздарды кабыл алууну көбөйтүү боюнча ийгиликтерге жетишилди. *Ошондой эле балдарды мектепке чейинки даярдоо менен камтуунун өсүшү байкалууда – 2010-жылдагы 10,0 пайыздан 2021-жылы 80,9 пайызга чейин.* Кыска мөөнөттүү бала бакчалар жана мектепке чейинки даярдоо формасында мектепке чейинки билим берүүнүн вариативдүү формаларынын санын кеңейтүү боюнча атайын программа ишке ашырыла баштагандан бери мектепке чейинки билим берүү уюмдарында балдардын саны дээрлик 15 пайызга көбөйдү – 2016-жылдагы 174 миңден 2021-жылы 199,8 миңге чейин, андан да бул шаар конуштарында гана эмес, айыл жеринде да көбөйдү.

*Ден соолук, окуу жана психосоциалдык бакубаттуулук жагынан жакшы өнүккөн 3 жаштан 5 жашка чейинки балдардын үлүшүнүн кыскаруусунун кооптуу тенденциясы байкалууда* (ТӨМ 4.2.1). Жалпысынан республика боюнча мындай балдардын үлүшү 2018-жылы 71,7 пайызга чейин азайса, 2014-жылы 78,3 пайызды түзгөн. Мында бул көрсөткүч балдар арасында 7,9 пайыздык пунктка, кыздар арасында 5,6 пайыздык пунктка төмөндөгөн. ККИнин маалыматына ылайык, бул көрсөткүчтүн үй-бүлөнүн бакубаттуулугунун деңгээлинен кандайдыр бир көз карандылыгы белгигенген. Алсак, ден соолук, окуу жана психосоциалдык бакубаттуулук жагынан жакшы өнүккөн, эң жакыр чөйрөдө жашаган 3 жаштан 5 жашка чейинки балдардын үлүшү бай чөйрөдөгү 78,0 пайыз балдарга салыштырмалуу 72,5 пайызды түзөт.


**16-график.**

**2021-жылы 18 жана андан улуу курактагы калктын билим деңгээли.** *(%)*




**17-график.**

**Мектепке чейинки билим берүү даярдыгынан өткөндөр (мектепке кирүү үчүн расмий курагына бир жыл калганда)** *(6 жаштагы калктын санына карата пайыздарда)*




**18-график.**

**Ден-соолук, окуу жана психосоциалдык бакубаттуулук жагынан жакшы өнүккөн 36-59 ай курактагы балдардын үлүшү** *(пайыздарда)*




*Окууга кабыл алууда кыздар менен балдар арасында айрым айырмачылыктар бар.* Негизги жалпы мектепке 9-класска чейин кабыл алуу көрсөткүчүндө гендердик дисбаланс жок. Башталгыч жана негизги билим берүүдө гендердик катыштын деңгээлинде кыздардын толук эмес орто мектепте (1-9-класстар) балдарга караганда азыраак окуганы көрүнүп турат. Бирок кыздар көбүнчө толук орто мектепти бүтүрүшөт (10-11-класстар), ал эми балдар 9-класстан кийин билим берүү системасын таштап коюшат.

*2017-жылга чейин билим берүү мекемелеринде сабак окууга барбаган 7-17 жаштагы балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны азайса, ал эми 2019-жылы* бул көрсөткүч кайрадан 2834 адамга көбөйгөн. 2021-жылы 2495 бала мектепке барбай калган, анын ичинен мектепке барбаган эркек балдардын үлүшү 58,8 пайызды түзгөн. Мектепке барбай коюунун негизги себептери – ден соолук жана үй-бүлөлүк жагдайлар. 2021/2022-окуу жылынын башталышында сабак окууга барбагандардын басымдуу бөлүгүн айыл жеринен келген балдар түзөт, бул шаардык конуштардан келген балдардын санынан эки эсе көп. Мектепке барбаган дээрлик ар бир төртүнчү бала Ош облусунда кездешет.

*КККИ-2018 маалыматы боюнча балдардын жарымы гана сабаттуулуктун минималдуу деңгээлине ээ.* Сабаттуулуктун минималдуу деңгээлине ээ болгон 7 жаштан 14 жашка чейинки балдардын үлүшү 57,9 пайызды түзөт, ал эми балдардын 51,3 пайызы эсептөө көндүмдөрүнө ээ (ТӨМ 4.1.1). Кыздардын окуу жана эсептөө көндүмдөрү балдарга караганда орто эсеп менен 4 пайызга жогору. Шаардагы балдардын окуу көндүмү айылдык балдарга караганда 12,9 пайызга жогору. Ошол эле учурда шаардагы жана айылдык эркек балдардын ортосундагы айырма андан да чоң – 14,6 пайыз. Эсептөө көндүмдөрүндөгү айырма орто эсеп менен бир аз азыраак – 7,4 пайызга, ал эми балдар арасындагы бул айырма кыздарга (4,5 пайызга) караганда көбүрөөк (7,8 пайызга).


**График 19.**

**Окууга кабыл алынуу коэффициенти** *(пайыздарда)*




**20-график.**

**2021-жылы жалпы билим берүү уюмдарына себептери жана жынысы боюнча сабак окууга барбаган 7-17 жаштагы (1-11 класс) балдардын жана өспүрүмдөрдүн саны** *(жыйынтыгына карата пайыздарда)*




**21-график.**

**2018-жылда үч тапшырманы ийгиликтүү аткарган 7 жаштан 14 жашка чейинки курактагы балдардын үлүшү.**




*Мектеп мугалимдеринин басымдуу көпчүлүгү аялдар* жана бул билим берүүдөгү кесиптик сегрегациянын натыйжасы болуп саналат, аялдардын 89 пайызы мугалимдик кесипти тандашат. 2021/2022-окуу жылында күндүзгү жалпы билим берүү уюмдарынын мугалимдеринин жалпы санында аялдардын үлүшү 85,9 пайызды, эркектердики 14,1 пайызды түздү.

Мектептерде иштеген эркек мугалимдер көбүнчө жетекчилик жана айлык акылары жакшыраак кызматтарды ээлешет.

Кесиптик билим берүүдө мектептин жогорку класстарында калыптанып калган акырындап эркектердин санынын кыскаруу тенденциясы сакталып калууда: уландардын 40,0 пайызы орто кесиптик билимге, 44,5 пайызы жогорку билимге ээ болушат.


**22-график.**

**Күндүзгү жалпы билим берүү уюмдарында (ишин айкалыштырбаган) жынысы боюнча мугалимдердин саны**





**23-график.**

**Жыныстык бөлүнүшү боюнча билим берүү уюмдарын окуп бүтүргөндөр**



**24-график.**

**Кесиптик орто билим берүү окуу жайларынын адистик топтору жана жынысы боюнча студенттери** *(2021/2022-окуу жылынын башына; пайыздарда)*



*Адистикти тандоодо гендердик сегрегация сакталып кала берет.* Орто кесиптик билим берүү мекемелеринде окуучулардын арасында кыздар «билим берүү» (90,0 пайыз), «кеңири керектелүүчү товарлардын технологиясы" (98,7 пайыз). «саламаттыкты сактоо» (83,5 пайыз), «маданият жана искусство» (69,8 пайыз), «экономика жана башкаруу» (51,0 пайыз) адистиктеринин топтору боюнча басымдуулук кылат. Ошол эле учурда студент кыздардын 82,4 пайызы үч багыт боюнча окушкан: «билим берүү жана педагогика илимдери» (41,5 пайыз), «саламаттыкты сактоо» (27,3 пайыз) жана «экономика жана башкаруу» (13,6 пайыз). Эркек студенттер көп тармактуу билимге ээ болушкан жана негизги үч багыт 44,6 пайызды түздү: «экономика жана башкаруу» (16,6 пайыз), «информатика жана эсептегич техника» (15,2 пайыз) жана «гуманитардык жана социалдык адистиктер» (12,7 пайыз).

*Тармактар боюнча гендердик сегрегация жогорку окуу жайларына да мүнөздүү.* ЖОЖ студенттеринин арасында 2021/2022-окуу жылынын башында аялдардын үлүшү 51,0 пайызды түздү. Салттуу түрдө «билим берүү жана педагогика илимдери» (студенттердин жалпы санынын 88,0 пайызы), «саламаттык сактоо жана медицина илимдери» (37,9 пайызы), «экономика жана башкаруу» (46,3 пайыз) адистик топторунда окугандардын арасында аялдардын үлүшү жогору.

Ошол эле учурда эркектер «техникалык илимдер» (83,8 пайыз), «айыл чарба илимдери» (75,0 пайыз), «саламаттыкты сактоо» (62,1 пайыз) адистигинин топтору боюнча окугандардын арасында басымдуулук кылат.

*Аспиранттар жана докторанттар арасында аялдар көбүрөөк.* 2016-2020-жылдар аралыгында аспиранттардын жалпы санында аялдардын үлүшү бир аз өзгөргөн, 2016-жылдагы 58,5 пайыздан 2021-жылы 58,7 пайызга чейин. Бирок ошол эле мезгилде докторанттардын арасында алардын үлүшү 59,6 пайыздан 65,2 пайызга же 5,6 пайыздык пунктка өскөн. Эгерде алты жыл мурун докторантурада окуган аялдардын саны эркектердикинен 1,5 эсеге көп болсо, 2021-жылы докторантурада окуган аялдардын үлүшү эркектердикинен 1,9 эсеге ашкан.

Ошентип, Кыргыз Республикасында баштапгыч билим берүүнүн деңгээлинде кыздар менен балдардын ортосунда гендердик ажырым жок. Ошол эле учурда мектептин жогорку класстарында жана жогорку окуу жайларынын системасында уландардын саны кыскарууда. Учурдагы тенденциялар улана берсе, билимдүү аялдар менен эркектердин билим берүү системасын таштап кетишинин ортосунда олуттуу ажырым пайда болушу мүмкүн, бул келечекте терс демографиялык жана социалдык кесепеттерге алып келет. Мындан тышкары, кесиптик адистиктер боюнча туруктуу гендердик сегрегация аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн чектөөгө алып келет.

**25-график.**

**2021/2022-жылдары жогорку окуу жайларында окуу адистиктеринин негизги топтору**



**26-график.**

**Жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын студенттеринин окуу багыттары жана жынысы боюнча бөлүштүрүлүшү** *(2021/2022-окуу жылынын башына; пайыздарда)*

| Окуу багыты | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|
| педагогикалык билим | 88,0 | 12,0 |
| социалдык илимдер | 71,3 | 28,7 |
| технология жана азык-түлүк продуктуларын өндүрүү | 67,3 | 32,7 |
| табигый илимдер | 65,5 | 34,5 |
| маданият жана искусство | 60,5 | 39,5 |
| тейлөө чөйрөсү | 60,4 | 39,4 |
| гуманитардык илимдер | 48,9 | 51,1 |
| экономика жана башкаруу | 46,3 | 53,7 |
| жыгачты кайра өндүрүү жана кайра иштетүү | 44,2 | 55,8 |
| саламаттыкты сактоо | 37,9 | 62,1 |
| химиялык технология жана биотехнология | 36,6 | 63,4 |
| эсептегич техника жана маалыматтык технология | 34,4 | 65,6 |
| автоматташтыруу жана башкаруу | 31,5 | 68,5 |
| айыл чарбасы | 25,0 | 75,0 |
| лектроника, радиотехника жана байланыш | 24,4 | 75,6 |
| геодезия жана жерге орноштуруу | 20,2 | 79,8 |
| техносфера коопсуздугу, жаратылыш куруу жана гидрометеорология | 19,0 | 81,0 |
| маалыматтык коопсуздук | 18,7 | 81,3 |
| архитектура жана курулуш | 17,9 | 82,1 |
| транспорттук техника жана технология | 11,1 | 88,9 |
| аспап чыгаруу | 8,7 | 91,3 |
| материал таануу, металлургия жана машина куруу | 7,6 | 92,4 |
| энергетика жана электр энергетикасы | 5,9 | 94,1 |
| геология, кендерди чалгындоо жана иштетүү | 5,8 | 94,2 |
| аскердик билим | 2,6 | 97,4 |

# ТӨМ 5.
## Гендердик теңчиликти камсыз кылуу жана бардык аялдар менен кыздардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү

Кыргыз Республикасынын Конституциясы дискриминациядан баш тартуу, анын ичинде жыныстык белги боюнча басмырлоого жол бербөө принципин жарыялайт. Эркектер менен аялдар бирдей укуктарга гана ээ болбостон, аларды ишке ашыруу үчүн бирдей мүмкүнчүлүктөргө да ээ. «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» 2008 жылдагы Мыйзамында гендердик теңчиликти камсыздоо механизмдери жана бийлик органдарынын жоопкерчилиги аныкталган. 2017-жылы «Үй-бүлөлүк зомбулуктан сактоо жана коргоо жөнүндө» жаңыланган мыйзам кабыл алынган (ТӨМ 5.11).

2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында «Кыргызстанда саясий, экономикалык жана коомдук турмушта чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде аялдардын башкарууга толук жана бирдей катышуусу камсыз кылынган. Гендердик теңчиликке жетишүүгө жана аялдар менен эркектердин мүмкүнчүлүктөрүнүн ортосундагы дисбалансты жоюуга багытталган мамлекеттик программалар ишке ашырылууда» деп белгиленген. 2030-жылга чейин Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегиянын артыкчылыктуу багыттарынын ичинде төмөнкүдөй артыкчылыктар аныкталган: i) аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү, ii) маданий саясат жана функциялык билим берүү, iii) гендердик зомбулукту азайтүү, iv) чечимдерди кабыл алууда гендердик паритетти илгерилетүү жана аялдардын саясий катышуусун өнүктүрүү.

### ТӨМ 5.2-5.3 Аялдарга жана кыздарга карата үй-бүлөлүк зомбулук жана дискриминация[5]

Үй-бүлөлүк (үйдөгү) зомбулук боюнча мамлекеттик органдарга жардам сурап кайрылгандардын саны бир катар мамлекеттик органдар тарабынан көзөмөлдөнөт. ИИМдин маалыматы боюнча, 2021-жылы 2010-жылга салыштырмалуу үй-бүлөдөн жабыркагандардын саны 5,1 эсеге өскөн. Мындай өсүш 2017-жылы убактылуу коргоо ордерин киргизүү боюнча көрүлгөн чаралардын, анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча келип түшкөн даттанууларга чара көрүү боюнча ИИБнын кызматтык милдеттерин кеңейтүү менен шартталган.

Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыр тарткандардын арасынан 95 пайызы аялдар. Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандардын үч пайызы балдарга жана өспүрүмдөргө туура келген.

2021-жылы үй-бүлөлүк зомбулук фактылары боюнча 9 038 коргоо ордери берилген, алардын көбү Бишкек шаарында (3 518 ордер), Чүй (2 337 ордер), Жалал-Абад (649 ордер) жана Ош (573 заказ) областтарында. Көпчүлүк учурларда (95 пайыздан ашыгы) үй-бүлөдөгү зомбулук эркектер тарабынан жана азыраак (5 пайызга жакын) аялдар тарабынан жасалган.


[5] Учурдагы же мурунку интимдик өнөктөшү (ТӨМ 5.2.1) тарабынан аялдарга карата физикалык, сексуалдык же психологиялык зомбулуктун көлөмү 2023-2024-жылдар аралыгында жүргүзүлө турган адистештирилген сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча баа берүүгө болот.

*2021-жылы үй-бүлөлүк зомбулук фактыларын кароо үчүн козголгон жана соттогорго жиберилген кылмыш иштеринин саны 2017-жылга салыштырмалуу 17,4 пайызга,* анын ичинде үй-бүлөлүк зомбулуктан улам киши өлтүрүүлөрдүн саны бул мезгилде 4төн 28ге чейин, же дээрлик 7 эсеге көбөйгөн.

2021-жылы аялдардын үй-бүлөлүк зомбулук боюнча саламаттыкты сактоо органдарына кайрылууларынын жалпы санынын ичинен эң көп (1 860 кайрылуу) соттук-медициналык экспертиза бөлүмдөрүнө туура келген.

**27-график.**

**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандардын саны** *(адам)*





**Үй-бүлөлүк зомбулуктан жабыркагандардын үлүшү, 2021-ж.**




**28-график.**

**Аялдардын үй-бүлөлүк зомбулук боюнча саламаттыкты сактоо органдарына кайрылуу учурларынын саны**





**Аялдардын үй-бүлөлүк зомбулук боюнча саламаттыкты сактоо органдарына кайрылуу учурларынын бөлүштүрүлүшү**
**(жыйынтыгы боюнча пайыздарда)**




*Кыргыз Республикасында дискриминациялык нике практикасы боюнча расмий маалыматтарга эрте жана мажбурлап никеге туруу сыяктуу кылмыштар боюнча көз салынат.* КККИ- 2018 маалыматы боюнча, аялдардын 12,9 пайызы бойго жеткенге чейин (18 жаш) турмушка чыккан, ал эми 0,3 пайызы - 15 жашка чейин (ТӨМ 5.3.1). 2018-жылы 15 жаштан 17 жашка чейинки кыздардын арасындагы төрөт 1000 аялга 5,0 учурду түздү, 2015-жылы бул көрсөткүч 6,4 учурду түзгөн.

Кризистик борборлорго жана мекемелерге кайрылган **10** адамдын ичинен **8** адамдын **бул аялдар**



**29-график.**

**Зомбулук фактылары боюнча кризистик борборлорго жана калкка социалдык-психологиялык жардам көрсөтүүчү мекемелерге кайрылгандардын саны**




15 жаштан 17 жашка чейинки кыздардын арасында төрөттүн эң жогорку көрсөткүчү Чүй (12,0 учур) жана Талас (8,2 учур) облустарында байкалып, республикалык орточо көрсөткүчтөн 1,6-2,4 эсеге ашкан. Ошол эле учурда, КККИ-2018 маалыматы боюнча 15-49 жаштагы никеге турган жана жыныстык активдүү бойдок аялдардын 99,7 пайызы контрацепциянын заманбап ыкмалары жөнүндө кабардар.

*Көбүнчө жашы жете электерге никеге туруу кыздарды никеге туруу үчүн мажбурлап ала качуу жолу менен ишке ашат.* 2013-жылы Кыргыз Республикасынын Кылмыш-жаза кодексине бул кылмыштар үчүн жазаны катаалдаткан өзгөртүүлөр киргизилгенине карабастан, жасалган кылмыш фактылары дагы эле катталууда. 2021-жылы кризистик борборлорго кайрылган аялдардын жалпы санынын ичинен (12 559 адам) 264 кайрылуу мажбурлап никеге туруу, никеге туруу максатында ала качуу, жашы жете электерге турмушка чыгуу, көп аял алуу боюнча катталып, өткөн жылга салыштырмалуу 11 пайызга көп болгон.


**1-карта.**

**2018-жылы 18 жашка чейин никеге тургандардын пайыздык үлүшү**




**30-график.**

**15-19 жаштагы аялдардан төрөлгөн балдардын саны**
*(тиешелүү курактагы 1000 аялга)*



## ТӨМ 5.4 Үй чарбасына кам көрүү жана аны жүргүзүү боюнча акы төлөнбөгөн эмгек

*Аялдар жана кыздар эркектерге караганда үйдү жана үй-бүлөнү акысыз кароого көбүрөөк убакыт бөлүшөт.* Акы төлөнбөгөн эмгектин оор түйшүгүн бирдей эмес бөлүштүрүү аялдардын кесипке көбүрөөк катышуусуна кедергисин тийгизет, бул өндүрүмдүүлүккө, экономикалык өсүшкө жана жакырчылыкты азайтуу аракеттерине таасир берет.

2020-жылда калктын үй чарба убакыт бюджетин пайдалануу боюнча маалыматка ылайык, аялдар үй жумуштарына күнүнө орточо эсеп менен 4 саат 20 мүнөт сарптайт, эркектерде бул учур 55 мүнөткө барабар. Орточо эсеп менен аялдар күнүмдүк убакыт фондунун 18,1 пайызын акы төлөнбөгөн үй жумуштарына жумшаса, эркектер 3,9 пайызын жумшашат.


*Акы төлөнбөгөн үй жумуштарына кеткен убакыт үй-бүлөдө балдардын бар экендигине жараша олуттуу айырмаланат.* Алсак, 16 жашка чейинки балдары бар үй чарбаларында жашаган аялдар үй жумуштарына 4 саат 28 мүнөт коротушат, бул баласыз үй чарбаларында жашагандарга караганда 32 мүнөткө көп.

Айыл жеринде иштеген аялдар шаардагыларга караганда үй жумуштарына 1,3 эсе көп убакыт сарпташат. Алсак, айыл жериндеги аялдар орточо эсеп менен күнүнө 5 саат 25 мүнөт үй жумуштарына, ал эми шаарда 4 саат убакыт коротушат. Иштеген эркектер үчүн убакыт айырмасы анча деле чоң эмес жана айылдарда жана шаарларда жуманын күнүнө орточо 45 мүнөттү түзөт.

*Балдарды жана башка үй-бүлө мүчөлөрүн тарбиялоо жана багуу негизинен аялдарга жүктөлөт.* Орто эсеп менен аялдар күнүнө 40 мүнөт, ал эми эркектер 17 мүнөт гана убакыт коротушат. Иштеп жаткан аялдарга келсек, жумасына беш сааттан ашык убакыт балдарды тарбиялоого жана багууга жумшалат. Эркектер үчүн бул убакыт болжол менен бир жарым саатты түзөт. Ошол эле учурда айыл жериндеги аялдар шаардагы аялдарга (жумасына 4 саат 26 мүнөт) караганда балдарды тарбиялоого көбүрөөк убакыт бөлүшөт (жумасына болжол менен 5 саат 43 мүнөт).

**График 31.**

**2020-жылы үй чарбасынын жүргүзүлүшү** *(суткада)*



## 16 ЖАШКА ЧЕЙИН БАЛДАРЫ ЖОК ҮЙ ЧАРБАЛАР, 2020-Ж. (СУТКАДА)

**БААРЫ**
3 саат 56 мүнөт
59 мүнөт

**ШААР КОНУШТАРЫ**
3 саат 26 мүнөт
60 мүнөт

**АЙЫЛ АЙМАГЫ**
4 саат 26 мүнөт
58 мүнөт

## ЧЫГЫМДАРДЫН ТҮРҮ БОЮНЧА ИШТЕГЕН АДАМДАРДЫН ҮЙ ЧАРБАСЫН ЖҮРГҮЗҮҮГӨ УБАКЫТТЫН БӨЛҮШТҮРҮЛҮШҮ, 2020-Ж.

26,0% 13,1% Товарларды жана кызматтарды сатып алууга 8,3% 5,3%

**ШААР КОНУШТАРЫ** **АЙЫЛ АЙМАГЫ**

74,0% 86,9% Үй ишине карата 91,7% 94,7%

## ЖЫНЫСЫНА КАРАТА БӨЛҮШТҮРҮЛГӨН КАМ КӨРҮҮ БОЮНЧА АКЫ ТӨЛӨНБӨГӨН ЭМГЕККЕ ЖАНА ҮЙ ИШИНЕ КОРОТУЛГАН УБАКТЫНЫН ҮЛҮШҮ


| 2020 | | 2015 |
|---|---|---|
| 11,5% | Баары | 13,2% |
| 18,1% | Аялдар | 18,8% |
| 3,9% | Эркектер | 6,5% |

## ТӨМ 5.5 Аялдардын саясий, экономикалык жана коомдук турмушта чечимдерди кабыл алуунун бардык деңгээлдеринде катышуусу


*Кыргызстанда айрым мамлекеттик органдарда, анын ичинде Жогорку Кеңеште аялдардын өкүлчүлүгүн камсыз кылуу үчүн атайын мыйзамдык чаралар колдонулат.* Атайын чаралар киргизилгенден кийин парламентте аялдардын өкүлчүлүгү (ТӨМ 5.5.1) көбөйдү, бирок убакыттын өтүшү менен аял депутаттардын саны кайрадан кыскарды.

*Жылдан-жылга Кыргыз Республикасында парламентарий аялдардын санынын азаюсу улантылууда.* 2020-жылы шайлоо мыйзамдарынын ченеми күчүнө кирип, ага ылайык, депутат фракциядан чыкканда мандат ошол эле жыныстагы депутатка гана өткөрүлүп берилет.


### ШАЙЛОО ӨТКӨРҮҮ ЖЫЛДАРЫ БОЮНЧА ЖОГОРКУ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ИЧИНДЕГИ АЯЛДАРДЫН САНЫ, АДАМ




### ПАРЛАМЕНТТЕ АЯЛДАР ЭЭЛЕГЕН ОРУНДАРДЫН ҮЛҮШҮ




### ЖЕТЕКЧИ КЫЗМАТТАРДА АЯЛДАРДЫН ҮЛҮШҮ




### МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТТАРДЫ ЭЭЛЕГЕН МАМЛЕКЕТТИК КЫЗМАТЧЫЛАР, ЖЫНЫСЫ БОЮНЧА (2022-жылдын 1-январына карата, жыйынтыгы боюнча пайыздарда)



*Аялдардын чечимдерди кабыл алуу деңгээлинде мамлекеттик органдарга катышуусу аялдардын жана кыздардын муктаждыктары жана талаптары өнүгүү саясаттарында жана программаларында чагылдырылышын камсыз кылуу үчүн негизги болуп саналат.* Жетекчилик кызматтарда аялдардын үлүшү 2021-жылы 42,9 пайызды түздү (ТӨМ 5.5.2).

Ошол эле учурда мамлекеттик кызматта эркектердин басымдуулук тенденциясы сакталып калууда (59,3 пайыз), ал эми эң чоң гендердик дисбаланс саясий жана атайын кызматтардын деңгээлинде катталып, анда аялдардын үлүшү 24,2 пайызды түзгөн.


**32-график.**

**Иштеп жаткан чарба субъектеринин жеткечилеринин саны** *(2022-жылдын 1-январына карата)*





**33-график.**

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында иштеген кызматкерлердин саны** *(2022-жылдын 1-январына карата)*




**МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫН АДМИНИСТРАТИВДИК КЫЗМАТТАРЫ**



*Муниципалдык кызматтын жана чарба жүргүзүүчү субъектилердин кызматкерлеринин арасында эркектер көбүрөөк.* 2022-жылдын башына карата муниципалдык кызматкерлердин саны 8 477 адамды түзсө, анын үчтөн бирин аялдар түзөт. Чарбалык субъекттердин жетекчилеринде аялдардын үлүшү 28,2 пайызды түздү. Өлкөнүн бардык аймактарында саясий муниципалдык кызматтарда эркектер басымдуулук кылат, бирок административдик кызматтарда гендердик ажырым 21 пайыздан 79 пайызга чейин өзгөргөн.

Аялдардын заманбап маалымат, коммуникация жана санариптик технологияларга жетүүсү алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана дискриминация менен зомбулукту азайтууга өбөлгө түзөт. 15 жана андан жогорку жаштагы аялдардын арасында республикада аялдардын 92 пайызында мобилдик телефон бар, ошол эле курактагы эркектерде бул көрсөткүч бир аз жогору – 94,1 пайыз (ТӨМ 5.b.1). Шаардык аялдар (96,0 пайыз) жана эркектер (97,7 пайыз) үчүн көрсөткүч айылдык аялдарга караганда бир аз жогору (тиешелүүлүгүнө жараша 89,4 пайыз жана 92,1 пайыз).

Мында эң чоң гендердик ажырым шаар калкынын, жаштардын жана билим деңгээли ортодон төмөн калктын арасында байкалат.

Ошентип, өлкөдө гендердик зомбулуктун масштабы кооптуу бойдон калууда. Эрте никеге туруу, аялды никеге туруу максатында ала качуу сыяктуу кылмыштар курч социалдык көйгөй бойдон калууда. Жетекчилик кызматтарда аялдардын саны өсүүдө, бирок өлкөнүн мыйзамдарында атайын чаралар бар экенине карабастан жылыш абдан жай жүрүп жатат.

**34-график.**

**2021-жылы мобилдик телефону бар адамдардын үлүшү**

*(15 жана андан жогору курактагы калктын санына карата пайыздарда)*



# ЭКОНОМИКАЛЫК БАКУБАТТУУЛУК

6 ТАЗА СУУ ЖАНА САНИТАРИЯ

7 АРЗАН ЖАНА ТАЗА ЭНЕРГИЯ

8 ТАТЫКТУУ ЖУМУШ ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ӨСҮҮ

9 ИНДУСТРИЯЛАШТЫРУУ, ИННОВАЦИЯ ЖАНА ИНФРАСТРУКТУРА

10 ТЕҢСИЗДИКТИ АЗАЙТУУ

11 ТУРУКТУУ ШААРЛАР ЖАНА КАЛКТУУ КОНУШТАР

# ТӨМ 6.
## Бардыгы үчүн суу ресурстарынын болушун жана туруктуу пайдаланылышын жана санитарияны камсыз кылуу

Сууга жетүү аялдар үчүн да, эркектер үчүн да абдан маанилүү. Ошол эле учурда, алардын салттуу гендердик ролдору суу ресурстарына жетүүгө жана сапатына көз карандылыктын ар кандай деңгээлин шарттайт.

2018-2040-жылдарга карата стратегияда бириккен чакан ГЭС/күн электр станциялары/шамал станциялары менен бирге сууну тазалоонун заманбап автономдуу тутумдарын пайдаланууга артыкчылык берилет, алар магистралдык электр тармактарынын жана суу түтүктөрүнүн болушуна карабастан ар кандай калктуу конуштарды же аймактарды бардык «таза энергия – таза суу» комплекси менен камсыз кылууга жол берет.

Жакшыртылган ичүүчү суунун булактарына жеткиликтүү калктын үлүшү (ТӨМ 6.1.1) 2021-жылы 95,1 пайызды түздү. Шаарларда бул жогору болуп 99,7 пайызга, айыл жеринде 92,4 пайызга жетет. Аялдар арасында (95,3 пайыз) бул көрсөткүч эркектерге караганда (94,9 пайыз) бир аз жогору. Калктын ичүүчү суунун коопсуз булактарына жеткиликтүүлүгү региондор боюнча олуттуу айырмаланат. Баткен (88,2 пайыз) жана Ош (90,2 пайыз) облустарынын тургундары коопсуз ичүүчү таза суу булактарынан чектелген.

15 жаштан жогорку курактагы аялдардын ар бир экинчиси үй чарбасы үчүн суу ташыгыч болуп саналат (56,8 пайыз). Маанилүү көрсөткүч болуп ичүүчү суу менен камсыздоо булагынын алыстыгы саналат, анткени булак канчалык алыс жайгашкан болсо, сууну жеткирүүдөгү түйшүк ошончолук үй чарбасынын мүчөлөрүнө түшөт. ККИ-2018 маалыматы боюнча, айыл жеринде үй чарбаларынын 69,7 пайызы үчүн ичүүчү суу менен камсыздоо булагы үй чарбасынын аймагында жайгашкан (2014-жылы – 62,6 пайыз). Үй чарбасынын аймагындагы суу менен камсыздоо булагы жок айыл калкынын 30 пайыздан ашыгы суткасына 30 мүнөттөн ашык убакытты суу ташууга жумшоого аргасыз болушат жана муну эреже катары, аялдар жана кыздар (67 пайыз) аткарышат.


Кырдаал канализацияга жетүүнүн чектелгендигинен жана үй чарбаларында жана социалдык мекемелерде коопсуз жана ыңгайлуу санитардык жайларды түзүү үчүн инфраструктуралык мүмкүнчүлүктөрдүн жоктугунан улам курчуп жатат. Канализацияга жеткиликтүү калктын үлүшү республика боюнча орточо эсеп менен 40,0 пайызды түзөт, бул 2015-жылга салыштырмалуу 11,4 пайыздык пунктка жогору. Бул кызмат көрсөтүүлөргө жетүүнүн эң төмөнкү деңгээли Баткен облусунда (5,7 пайыз) катталган.

Айыл жериндеги ажатканалардын көбү (85,3 пайызы) жылытылбаган жана гигиеналык шарттары жок казылган чуңкурга орнотулган дааратканалар. ККИ-2018 маалыматы боюнча, аялдардын 93,3 пайызы үйүндө жалгыз калып жуунууга жана кийим алмаштырууга мүмкүндүгү бар; 7 пайызы акыркы айыздары келген учурда коомдук иш-чараларга, мектепке же жумушка барышкан эмес.

Таза сууга жетүүнүн чектелгендиги жана начар санитардык шарттар элеттик аялдардын абалын өзгөчө оорлотот, алардын үй жумуштарындагы түйшүгүн өлчөмсүз көбөйтөт, бул алардын ден соолугуна жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүнө терс таасирин тийгизет.


## 35-график.

**Жакшыртылган ичүүчү суу булагына жеткиликтүү болгон калктын үлүшү**
*(пайыздарда)*





## 36-график.

**2018-жылда ичүүчү суунун булактары**
*(пайыздарда)*





## 37-график.

**Жашаган жерине жараша үй чарбаларды суу менен камсыздоо булактары, 2021-жылда**



**2-карта.**

Канализацияга туруктуу түрдө жеткиликтүү болгон калктын үлүшү



# ТӨМ 7.
## Бардыгы үчүн арзан, ишенимдүү, туруктуу жана заманбап энергия булактарына жалпынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу

ТӨМ 7 2030-жылга чейин арзан, ишенимдүү, туруктуу жана заманбап энергияга жалпы бардыгынын жеткиликтүүлүгүн камсыз кылууга багытталган. Калктын аялуу катмарынын, анын ичинде элеттик аялдардын мындай жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү акы төлөнбөгөн үй жумуш түйшүгүн азайтууда жана алардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүдө маанилүү роль ойнойт.

Кыргыз Республикасын 2018-2040-жылдарга өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында бириккен чакан ГЭС/күн электр станциялары/шамал станциялары менен бирге сууну тазалоонун заманбап автономдуу тутумдарын пайдаланууга артыкчылык берилет, алар магистралдык электр тармактарынын жана суу түтүктөрүнүн болушуна карабастан ар кандай калктуу конуштарды же аймактарды бардык «таза энергия – таза суу» комплекси менен камсыз кылууга жол берет. Энергиянын альтернативдик булактарын пайдаланууну кеңейтүү менен бирге жогорку сапаттагы отундарды пайдаланууга өтүү артыкчылык катары аныкталат. Жергиликтүү энергия менен камсыздоо системаларын өнүктүрүү, күн, шамал жана суу жердин энергиясын пайдалануу энергетикалык көз карандысыздыкты арттырууга көмөктөшөт.

*Электр энергиясы – бул Кыргыз Республикасынын бүткүл аймагын камтыган коммуналдык кызмат көрсөтүүнүн бирден-бир түрү.* ҮЧИИ маалыматы боюнча, дээрлик бардык үй чарбалары электр тармагына кошулган. Бирок, электр тармактарынын болушу азырынча калктын электр энергиясына туруктуу жеткиликтүүлүгүн, башкача айтканда, жылына бир нече жолку өчүрүүлөргө жол берилген электр энергиясын ишенимдүү үзгүлтүксүз камсыздалгандыгын билдирбейт. Орточо алганда калктын 71 пайызга жакыны электр энергиясына туруктуу жеткиликтүүлүккө ээ, айыл жеринде 62 пайызга жакыны (ТӨМ 7.1.1). Бул көрсөткүч эркектерге (70,0 пайыз) караганда аялдарда (71,6 пайыз) бир аз жогору. Региондордон Баткен (53,5 пайыз), Ысык-Көл (53,8 пайыз), Жалал-Абад (54,3 пайыз) жана Талас (54,4 пайыз) облустарынын калкы эң төмөнкү көрсөткүчкө ээ.

2021-жылы үй чарбаларынын 11,2 пайызы гана электр энергиясы үзгүлтүксүз берилгендигин белгилешкен, 59,7 пайызында электр энергиясы жылына бир нече жолу өчүрүлгөн, бирок бир дагы үй чарбасы күнүмдүк өчүрүүнү башынан өткөргөн эмес. Электр энергиясынын үзгүлтүккө учурашы өзгөчө айыл жергесинде суу кызматтарынын туруктуулугуна да таасирин тийгизүүдө. Электр жарыгынын жана суу менен камсыз кылуунун үзгүлтүккө учурашынан көбүнчө айылдык аялдар жапа чегишет, анткени алардын үй жумуштарын жасоо, балдарды жана карыган үй-бүлө мүчөлөрүн багуу түйшүгү көбөйөт.


КККИ-2018 маалыматына ылайык өлкөдө тамак-аш даярдоо үчүн «таза»[6] отундун түрүн жалпы үй чарбаларынын 74,9 пайызы колдонот, анын 92,8 пайызы шаарларда жана 64,7 пайызы айыл жеринде (ТӨМ 7.2.1). Ошол эле учурда шаарларда үй-бүлөлөрдүн 43,5 пайызы жаратылыш газынын борборлоштурулган системасына кошулган мешти колдонушат. Бирок дагы эле калктын негизги бөлүгү электр плитасын пайдаланат – шаарларда 42,1 пайыз, айыл жеринде 56,5 пайыз.

[6] «Таза» отунга электр плитасын, күн энергиясынан иштеген плитаны, суюлтулган мунай же жаратылыш газын, биогазды же этанол менен спиртти күйгүзүүчү суюк отундарды колдонгон үй чарбалары кирет.

*Өлкөнүн калкынын бештен бири тамак бышыруу жана жылытуу үчүн негизинен таза отундарды жана технологияларды колдонгон үй чарбаларында жашайт.* КККИ-2018 маалыматы боюнча калктын 70,3 пайызы негизги отун катары көмүрдү, 6,3 пайызы отун жана жыгач көмүрдү, 3,7 пайызы тезекти пайдаланышкан. Эреже катары, кык даярдоо жана майда отун терүү менен негизинен аялдар менен балдар алектенишет. Жылытуу чыгымдарын үнөмдөөнүн жалпы стратегиясынын бири - үйдүн бир бөлүгүн же бир гана бөлмөнү жылытуу, бул үй-бүлөнүн жашоо аянтын олуттуу кыскартып, жаш аялдар менен кыздарга өзгөчө ыңгайсыздыктарды жаратат.


**38-график.**

**Электр энергиясына жеткиликтүү калктын үлүшү**




**39-график.**

**2021-жылы үй чарбаларынын жайгашкан жери боюнча электр энергиясын өчүрүүлөрдүн жыштыгы**



# ТӨМ 8.

## Прогрессивдүү, жалпы жана туруктуу экономикалык өсүшкө, бардыгы үчүн толук жана үзүрлүү ишке орношууга жана татыктуу жумушка көмөк көрсөтүү

Экономикалык жактан активдүү аялдардын үлүшүнүн азайышы, толук эмес ишке орношуу жана жумушсуздардын санынын өсүшү аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн азайгандыгын көрсөтүп, гендердик теңсиздикти күчөтөт жана зомбулуктун масштабынын өсүшүн шарттайт.

2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында эмгекке жарамдуу курактагы жашоонун жогорку деңгээлине жана улгайганда татыктуу жашоо сапатына басым жасоо менен ишке орноштуруу жана пенсиялык камсыздоо системасын түп-тамырынан бери реформалоонун маанилүү этаптары белгиленген.

Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегиясында аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү стратегиялык өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Анын ичинде коомдук өндүрүшкө жана өнүгүүгө аялдардын экономикалык салымын таануу; жумушчулардын — эркектердин жана аялдардын керектөөлөрүн сезе турган эмгек шарттарын түзүү; эмгек рыногунда эмгек акыдагы ажырымды жана сегрегацияны кыскартуу.

*Аялдардын экономикалык активдүүлүгүнүн төмөн деңгээли Кыргыз Республикасындагы эмгек рыногунун негизги көйгөйлөрүнүн бири болуп саналат.* Аялдардын (42,4 пайыз) жана эркектердин (72,5 пайыз) жумуштуулук деңгээлинде олуттуу ажырым бар. Ошол эле учурда шаардагы эркектердин жумуштуулук деңгээли айыл жериндеги анын деңгээлине барабар болсо, анда шаардык аялдардын жумуштуулук деңгээли айылдык аялдарга караганда 7,3 пайыздык пунктка жогору.


*Бардык курактык топтордо эркектердин жумуштуулук деңгээли жогору, бирок эң олуттуу ажырым 20 жаштан 39 жашка чейинки куракта байкалат.* Бул куракта аялдар баланын төрөлүшүнө байланыштуу жумуштан кетип калышат. Кырк жаштан кийин аялдардын эмгек активдүүлүгүнүн көрсөткүчү жогорку чекке жетет, анткени бул куракта, эреже катары, алар балалуу болуп, кайра жумушка киришет. 50 жаштан кийин аялдардын жумушка орношуусу кайрадан төмөндөйт.

*Эмгек күчүндөгү аялдардын саны жылдан жылга бир пайыздын чегинде өзгөрүп турат.* 2021-жылы аялдардын ага катышуусунун үлүшү 38,4 пайызды түзүп, 2020-жылга салыштырмалуу 0,8 пайыздык пунктка азайса, 2016-жылы 40,2 пайызды түзгөн. Ошол эле учурда аялдардын 45,3 пайызына салыштырмалуу 76,0 пайыз эркектердин (иш менен камсыз болгондор жана жумушсуздар) эмгекке катышуу деңгээли бир топ жогору.

*Эмгек ресурстарындагы аялдардын санынын жана аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээлинин кыскарышынын фонунда, акыркы жылдары жумушсуздардын катарында аялдардын саны азайган* (ТӨМ 8.5.2). Жалпысынан өлкөдө жумушсуздуктун деңгээли 2010-жылдагы 8,6 пайыздан 2021-жылы 5,3 пайызга чейин төмөндөгөн. Ошол эле учурда аялдар арасындагы жумушсуздуктун деңгээли эркектердикине караганда 1,6 пайыздык пунктка жогору болгон.

**40-график.**


**Жынысы жана жашаган жери боюнча калктын ишке орношуу деңгээли**




**ИШКЕ ОРНОШУУ ДЕҢГЭЭЛИНДЕ ГЕНДЕРДИК АЖЫРЫМ (ПАЙЫЗДЫК ПУНКТТАРДА)**





**2021-ЖЫЛДА ЖЫНЫСЫ ЖАНА АЙМАГЫ БОЮНЧА КАЛКТЫН ИШКЕ ОРНОШУУ ДЕҢГЭЭЛИ**



*Кыргыз Республикасындагы эмгек рыногу экономикалык ишмердүүлүктүн түрлөрү боюнча кескин гендердик сегрегация менен мүнөздөлөт.* Аялдардын үлүшү кыймылсыз мүлк менен операциялар (100,0 пайыз), билим берүү (77,3 пайыз), саламаттыкты сактоо жана социалдык кызмат көрсөтүүлөр (77,5 пайыз) сыяктуу экономикалык иштин түрлөрүндө өзгөчө жогору. Эркектер курулуш тармагында (98,8 пайыз), тоо-кен казып алуу тармагында (95,0 пайыз) жана транспортто (96,5 пайыз) иштегендердин арасында көбүрөөк.


**3-карта.**

**2021-жылы эмгек курамына катышуу деңгээли**




**4-карта.**

**2021-жылы жумушсуздук деңгээли**




*Формалдуу эмес сектордогу жумуштуулук 66,5 пайызды түзөт, анын үчтөн экиси эркектер.* Айыл-чарбасынан тышкаркы секторდо иш менен камсыз болуу республика боюнча орточо 79,0 пайызды, эркектер үчүн 86,2 пайызды түзөт. Формалдуу эмес сектордо иштегендердин жалпы санында (1 687,9 миң адам) айыл тургундарынын үлүшү 65,8 пайызды түздү. Формалдуу эмес сектордо иштегендердин эң көп саны 25 жаштан 34 жашка чейинки эркектер жана аялдар үчүн катталган.

Формалдуу эмес иштеген ар бир үчүнчү аял айыл чарбасында (35,1 пайыз) жана тейлөө чөйрөсүндө (46,2 пайыз) иштейт. Кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү жумуштуулук да эркектер арасында басымдуулук кылат (46,8 пайыз), бирок ар бир төртүнчүсү курулушта (27,0 пайыз) жана айыл чарбасында 13,8 пайызга гана формалдуу эмес иштегендер.

**41-график.**

**Формалдуу эмес сектордо жумуштуулук** *(миң адам)*



*Акыркы он жылдыкта өндүрүштүк жаракаттын көрсөткүчтөрүнүн олуттуу төмөндөшүнө карата жалпы оң тенденция байкалууда (ТӨМ 8.8.1).* 2021-жылы 100 миң кызматкерге 2010-жылдагы 90,1 учурга салыштырмалуу 38,0 жаракат алуу катталган. Бул көрсөткүчтөгү гендердик ажырым сакталып калууда. Өндүрүштө эркектер көбүрөөк жаракат алышат: 2021-жылы 100 миң кызматкерге 71,4 учур, аялдар арасында 8,2 учур.

*ККKИ маалыматына ылайык 2018-жылы эмгек ишмердүүлүгүнө эркек балдардын 33,6 пайызы жана кыздардын 19,0 пайызы тартылган.* Буткул өлкө боюнча балдардын 26,7 пайызы иштейт. Ошол эле учурда балдар эмгеги шаарга (11,9 пайыз) караганда айыл жеринде үч эсе көп (33,6 пайыз) колдонулат. Бул көрсөткүчкө үй-бүлөнүн бакубаттуулугу олуттуу таасирин тийгизет: байларды кошпогондо, бардык квинтилде 30 пайыз чегиндегилер иштеген балдар, ал эми байларда бул - 6,1 пайыз. Ошол эле учурда балдар эмгегинин кооптуу шарттарына тартылган балдардын үлүшү 3,2 пайыздык пунктка кыскарган (ТӨМ 8.7.1).

*Эч жерде иштебеген же окубаган жаштардын, атап айтканда, кыз-келиндердин санынын өсүшү байкалууда* (ТӨМ 8.6.2). 2021-жылы ар бир бешинчи жаш адамдын бири (19,1 пайыз), 2010-жылдагы 18,3 пайызга салыштырмалуу иштебейт жана окубайт. Ошол эле учурда кыздар арасында бул көрсөткүч балдарга караганда 2,4 эсеге жогору.

*Кыргызстанда аялдардын орточо айлык акысы эркектердин орточо айлык акысынын 75,1 пайызын түзөт.* Бул эки туруктуу тенденциянын натыйжасы болуп саналат: экономиканын секторлору боюнча эмгек рыногунда гендердик сегрегациянын болушу жана ошол эле учурда жетекчилик кызматтарда аялдардын азайышы. 2021-жылы аялдардын орточо эмгек акысы 16,5 миң сомду түздү, бул эркектердин орточо эмгек акысына (22,0 миң сом) салыштырмалуу 1,3 эсеге аз. Акыркы беш жылда аялдардын жана эркектердин номиналдык орточо эмгек акысы 1,3 эсеге өстү.

**42-график.**

**2018-жылы жашаган жери, жынысы жана жаш курагы боюнча балдар эмгегинде иштеген 5 жаштан 17 жашка чейинки балдардын үлүшү**






**График 43.**

**15 жаштан 24 жашка чейинки иштебеген, окубаган жана кесипкөйлүккө ээ болбогон жаштардын үлүшү**




*Республиканын 15 жана андан жогорку жаштагы калкынын үчтөн биринен көбүнүн банкта же башка финансы мекемесинде эсеби бар.* Аялдардын финансылык кызматтарга жеткиликтүүлүгү эркектердикине (33,9 пайыз) караганда жогору (38,5 пайыз), бул албетте аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү үчүн негизги фактор болуп саналат. Акыркы беш жылда микрокредит алуучулардын арасында аялдардын үлүшү орточо 56 пайызды түздү. Буга чейин Кыргызстанда микрокредит алуучулардын арасында аялдар басымдуулук кылган – 2010-жылы 73,4 пайыз.

Акыркы жылдарда эмгек рыногуна жана ишке орноштурууга жүргүзүлгөн гендердик анализ аялдардын иш менен камсыз болушунун жана экономикалык активдүүлүгүнүн деңгээлинин туруктуу төмөндөө тенденциясын көрсөтүп турат. Эмгек рыногунда кесиптик жана гендердик сегрегациянын жогорку деңгээли жана аялдардын орточо эмгек акысы менен эркектердин эмгек акысынын ортосунда олуттуу ажырым бар. Иштеген балдардын, ошондой эле эч жерде иштебеген жана окубаган жаштардын, айрыкча кыздардын үлүшү жогору бойдон калууда жана мунун кыскаруусу өтө жай жүрүүдө.


**44-график.**

**Жынысы боюнча кызматкерлердин орточо эмгек акысы** *(сом)*





**5-карта.**


**2021-жылы аймак боюнча эмгек акыдагы ажырым**



**45-график.**

**Банкта же башка каржы мекемесинде эсеби бар же мобилдик финансы операторунун кызматын колдонгон чоң кишилердин (15 жаштан жогору) үлүшү**



# ТӨМ 9.
## Туруктуу инфраструктураны куруу, жалпы жана туруктуу индустриялаштырууга жана инновацияларга көмөк көрсөтүү

Инфраструктураны өнүктүрүү жана акыркы технологияларды тез ишке киргизүү жалпы калктын жашоо деңгээлин жогорулатууга гана эмес, аялдардын экономикалык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип, санариптик технологияларга жетүүдөгү ажырымды кыскартууга жардам берет.

2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында өлкөнүн экономикасын тең салмактуу жана диверсификациялуу өнүктүрүү үчүн зарыл болгон сапаттуу өндүрүштүк инфраструктура түзүлө турган келечектеги өнүгүүнүн көз карашы чагылдырылган. Өлкөнүн бардык аймактары бирдиктүү маалымат мейкиндигинде жайгашып, бири-бири менен үзгүлтүксүз транспорттук байланыш менен камсыз болушу керек.


Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегиясында техникалык инфраструктураны жакшыртуу аркылуу аялдардын билим алуусунда институттук жана инфраструктуралык колдоого багытталган саясий чаралар камтылган.

*2016-2021-жылдар аралыгында республикада кайра иштетүү өнөр жайындагы жумушчулардын үлүшү (ТӨМ 9.2.2) 1,5 эсеге өскөн.* Бул тармакта иштегендердин жалпы санынан аялдардын үлүшү адегенде жогору болгон, бул экономиканын структурасында жеңил жана тамак-аш өнөр жайынын басымдуулук кылгандыгы менен шартталган.

Бирок, акыркы жылдары түстүү металлургия жана курулуш материалдары өнөр жайындагы өсүш менен шартталган, кайра иштетүү өнөр жайындагы эркектердин саны 2016-жылдагы 6,7 пайыздан 2021-жылы 11,0 пайызга чейин көбөйгөн. Өндүрүш өнөр жайында иштегендердин эң көп саны Чүй облусунда (18,8 пайыз) жана Бишкек шаарында (19,6 пайыз).

**46-график.**

**Кайра иштетүү өнөр жайында иштегендердин үлүшү**



*Кыргыз Республикасында 2021-жылы миллион калкка эсептелген изилдөөчүлөрдүн саны (ТӨМ 9.5.2) 515 адамды түзсө,* 2010-жылы 360 адамды, ал эми 2014-жылы 511 адамды түздү. Ошол эле учурда ИДПдагы илимий изилдөөлөргө жана иштеп чыгууларга чыгымдардын үлүшү (ТӨМ 9.5.1) 2010-жылдан бери өзгөрүүсүз калган жана 0,1 пайызды түзөт.


*Илим тармагында иштеген аялдардын үлүшү 2021-жылы 58,9 пайызды түзүп, 2016-жылга салыштырмалуу 8,5 пайыздык пунктка көбөйгөн.*

Докторлордун (26,2 пайыз) жана илимдердин кандидаттарынын (48,7 пайыз) арасында аялдардын саны көбөйдү. Аял мугалимдердин 65,2 пайызы илимий изилдөөлөрдү окутуу менен айкалыштырат.

Ошентип, кайра иштетүү өнөр жайындагы жумушчулардын санында аялдардын үлүшү эркектердикинен көп. Бир эле учурда адис-изилдөөчүлөрдүн жана илимий кызматкерлердин арасында алардын улушу туруктуу өсүүдө.

**47-график.**

**Илимий-изилдөө иштериндеги жумуштуулук**



# ТӨМ 10.
## Өлкөлөрдүн ичиндеги жана ортосундагы теңсиздикти кыскартуу

ТӨМ 10 калктын эң жакыр категорияларынын кирешелерин республикалык орточо деңгээлден жогору колдоого, ошондой эле коомдогу теңсиздиктин масштабын кыскартууга багытталган.


2018-2040-жылдарга Өнүгүү стратегиясында социалдык колдоонун мамлекеттик системасы ар бир адамга социалдык коргоонун минималдуу стандарттарын кепилдей турганы жана калктын социалдык жактан аялуу катмарына багытталганы белгиленген. Мында система социалдык-экономикалык кырдаалдын өзгөрүүсүнө ыкчам жооп берет, суроо-талапка ээ болгон социалдык кызматтардын түрлөрүн иштеп чыгат жана даректүү колдоонун түзүмүн жөнгө салат.

*Акыркы жылдарда өлкөдө калктын акчалай кирешелери өсүүдө, ал эми калктын жакыр катмарынын реалдуу кирешелеринин өсүшү 2017-2021-жылдар аралыгында калктын баары боюнча ушул эле көрсөткүчтөн 1,1 пайызга жогору.* 2021-жылы калктын акчалай кирешелеринин түзүмүндө эмгек ишмердүүлүгүнөн түшкөн кирешелердин үлүшү 66,3 пайызды, социалдык трансферттер - 14,9 пайызды, айыл чарба продукциясын сатуудан түшкөн кирешелер - 14,3 пайызды жана башка кирешелер - 4,6 пайызды түздү. Калктын эң жакыр 40 пайызы калктын жалпы кирешесинин 17,4 пайызын гана түзөрүн[7] эске алып, калктын жашоо деңгээлин жогорулатуу жана кирешелердин теңсиздигин азайтуу максатында калктын бул аялуу топторунда кирешенин өсүү темптерин жогорулатуу зарыл.

*Калктын салыштырмалуу жакырдыгын мүнөздөгөн медиандык белгинин (ТӨМ 10.2.1) 50 пайыздан төмөнүн керектеген калктын үлүшү 2015-жылдагы 12,0 пайыздан 2021-жылы 9,5 пайызга чейин кыскарган.* Акыркы жылдарда салыштырмалуу жакырчылыктын өзгөрүү чеги бир пайыздык пунктка жетпейт. Орточо алганда, аялдар менен эркектердин ортосунда олуттуу айырма жок, бирок айыл жеринде салыштырмалуу жакырчылык шаардагыга караганда дээрлик 1,4 эсе жогору.

**48-график.**


**Калктын жан башына орточо кирешесинин өсүү темпи**




[7] Кыргыз Республикасынын Азык-түлүк коопсуздугу жана жакырчылык боюнча маалыматтык бюллетени, 1/2022. КР УСК, Бишкек-2022, 18-б.

**49-график.**

**Медиандык белгинин 50% төмөнүн керектеген калктын үлүшү**





*УЧИИ маалыматы боюнча.*

*Акыркы жылдары, дээрлик 2021-жылга чейин калктын тышкы миграциясынын жалпы көлөмүнүн олуттуу кыскаруусу байкалган (ТӨМ 10.7.2).* 2021-жылы республикага 8 229 адам келип, 8 998 адам чыгып кеткен, ал эми миграциялык агым 769 адамды түзгөн.

*Азыркы миграция процессинин эң маанилүү тенденциясы (тышкы да, ички да) миграцияны феминизациялоонун туруктуу процесси болуп саналат.* 2021-жылы ички миграцияга катышкан аялдардын саны эркектерге караганда дээрлик 2 эсеге көп болгон[8]. Ички миграция (облустар аралык каттамдар) Бишкекке жана Чүй облусуна багытталган, башка аймактарда калктын саны туруктуу түрдө кыскарууда.

**50-график.**

**Тышкы жана ички миграция**





[8] Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери, КР Улутстатком.

ККБИ-2018 маалыматына ылайык, 15 жаштан 49 жашка чейинки аялдардын 8 пайызга жакыны кандайдыр бир негизде дискриминацияга же куугунтукка дуушар болушкан (ТӨМ 10.3.1). Шаардык, жаш аялдар, 40 жашка чейинки жаш аялдар басмырлоо фактыларын көп белгилешет. Дискриминация бакубаттыктын деңгээлине карабастан, калктын бардык категорияларында бар. Региондор арасында дискриминацияга туш болуу коркунучунун эң жогорку деңгээлин Чүй облусунун тургундары белгилешти – 16,6 пайыз.

Ошентип, өлкөдө мүлктүк теңсиздик кыскарбагандыгы байкалууда, калктын жакыр категорияларынын кирешелери өтө жай өсүүдө. Дискриминациянын ар кандай көрүнүштөрүн бардык социалдык-демографиялык топтордун ичинен аялдар башынан өткөрүшөт. Миграцияны феминизациялоо процесси туруктуу болуп саналат жана бул алардын балдары жана үй-бүлөлөрү үчүн узак мөөнөттүү кесепеттерге алып келет, бул мамлекеттик миграциялык саясатты ишке ашыруунун жүрүшүндө бул көйгөйгө көңүл бурууну талап кылат.

**51-график.**

**Акыркы 12 айда кандайдыр бир негизде дискриминацияга же куугунтукка кабылган 15-49 жаштагы аялдардын пайызы, 2018-жыл.**



# ТӨМ 11.
## Шаарлардын жана калктуу конуштардын ачыктыгын, коопсуздугун, бекемдигин жана экологиялык туруктуулугун камсыз кылуу

2030-жылы аялуу абалда тургандардын: аялдардын, балдардын, майыптардын жана улгайган адамдардын муктаждыктарына өзгөчө көңүл буруу менен жол коопсуздугун жакшыртуу, коомдук транспортту пайдаланууну көбөйтүү аркылуу коопсуз, жеткиликтүү жана экологиялык жактан туруктуу транспорттук системаларга жетүүнү камсыз кылуу максаты коюлган.

2018-2040-жылдарга Өнүгүү стратегиясында социалдык-тиричилик инфраструктуранын сапаты жана жеткиликтүүлүгү өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгүнүн өсүшүнүн зарыл шарты экендиги белгиленген. Эл аралык жана республикалык маанидеги гана эмес, автомобиль жолдорунун сапатына өзгөчө көңүл бурулган.

2022-жылдын башына карата республиканын туруктуу калкынын саны 6,7 миллион адамды түздү. Туруктуу калктын үчтөн бири (35,4 пайызы) шаарларда жана үчтөн экиси (64,6 пайызы) айыл жеринде жашашкан. Калктын жыштыгы 1 чарчы километрге орточо 33 адамды түздү. Борбор калаа Бишкек шаарынын калкы 2022-жылдын башында 1,1 миллионго жакын адамды түзгөн.


15 жана андан жогорку жаштагы калктын коомдук транспортко жеткиликтүүлүгү бар үлүшү (ТӨМ 11.2.1) жалпысынан 53,5 пайызды түзөт. Шаарларда калктын жеткиликтүүлүгүнө канааттануусу айыл жерине (42,5 пайыз) караганда жогору (66,9 пайыз), Ош шаарында (94,7 пайыз) жана Бишкек шаарында (67,4 пайыз) жогору. Азыраак урбанизацияланган региондордун ичинен эң жогорку көрсөткүчү Ысык-Көл облусуна (78,4 пайыз) туура келет, бул көпчүлүк калктуу конуштардын туристтик агымдарды камсыз кылган маршруттар боюнча жайгашуусу менен түшүндүрүлөт.


Ыңгайлуу жана коопсуз коомдук транспортко жетүү аялдар үчүн өзгөчө мааниге ээ, алардын социалдык мобилдүүлүгүн жогорулатат. Бардык курактагы топтор коомдук транспортту бирдей пайдаланат.

*Кырсыктардын натыйжасында каза болгондордун жана жабыркагандардын арасында, анын ичинде сууга байланыштуу (ТӨМ 11,5), эркектер басымдуулук кылат.* Кырсыктардан каза болгондордун саны жалпысынан азаюуда: 2010-жылы 158 адам, 2021-жылы 109 адам курман болгон. Бул көрсөткүч туруксуз жана жыл сайын болуп жаткан табигый кырсыктардын мүнөзүнө жана масштабына жараша болот. Ошентип, 2017-жылы жаратылыш кырсыктарынан жабыркагандардын саны 141 адамга жеткен. Табигый кырсыктарга көбүнчө Жалал-Абад, Ош жана Чүй облустары дуушар болот. 2021-жылы каза болгондордун эң көп саны Баткен облусунда (36 адам) катталган.


**52-график.**

**Коомдук транспортко ыңгайлуу жетүү мүмкүндүгү бар калктын үлүшү**
*(15 жана андан жогорку жаштагы калктын санына карата пайыздарда)*








АЙМАКТАР БОЮНЧА



**53-график.**

Кырсыктардан каза болгондордун саны *(адам)*



# МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ

16 ТЫНЧТЫК, АКЫЙКАТТЫК ЖАНА НАТЫЖАЙЛУУ ИНСТИТУТТАР

17 ТУРУКТУУ ОНҮГҮ МАКСАТЫНДА ӨНӨКТӨШТҮК

# ТӨМ 16.

## Туруктуу өнүктүрүү үчүн тынч жана ачык коомду курууга көмөктөшүү, бардыгы үчүн сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу жана бардык деңгээлдеги натыйжалуу, отчёттуулук жана кеңири катышуудагы мекемелерди түзүү

Тынчтыкты сактоо, мыйзамдуулукту жана сот адилеттигин ишке ашырууну камсыздоо, мамлекеттик кызматтын натыйжалуулугун, ачыктыгын жана инклюзивдүү мүнөзүн жогорулатуу ачык көрүнүштөгү гендердик аспекттерге ээ.


2018-2040-жылдарга Өнүктүрүү стратегиясы өлкөнү туруктуу өнүктүрүүгө жана ТӨМгө жетишүүгө багытталган. Стратегиянын «4.3 Мыйзамдын үстөмдүгү жана мыйзамдуулукту камсыз кылуу» жана «4.5 Коопсуз өлкө» бөлүмдөрү ТӨМ 16 бөлүгүнө түздөн-түз тиешелүү.

2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегия «Гендердик дискриминацияны жоюу жана аялдардын сот адилеттигине жетүүсүн жогорулатуу» 3-бөлүмүн камтыйт.

*Аялдар түнкүсүн көчөдө жалгыз жүргөндө эркектерге (76,6 пайыз) караганда (53,9 пайыз) өздөрүн анча коопсуз сезбейт* (ТӨМ 16.1.4). 28 жашка чейинки кыз-келиндер чоң аялдарга караганда өздөрүн азыраак корголгон катары сезишет (47,1 пайыз). Ошол эле учурда айыл жеринде аялдар (62,8 пайыз) жана эркектер (78,1 пайыз) шаар тургундарына (тиешелүүлүгүнө жараша 44,3 пайыз жана 73,9 пайыз) караганда өздөрүн коопсуз сезишет. Жалпысынан 2021-жылы 15 жана андан жогорку жаштагы калктын 67,1 пайызы гана өздөрүн коопсуз сезишкен.

**54-график.**

**Түнкүсүн өзүнүн районундагы көчөдө бара жатканда коопсуз жерде жүргөнүн сезген адамдардын үлүшү**




Акыркы жылдары балдарга карата зомбулуктун жана агрессиянын деңгээли кескин өстү. 2018-жылы өздөрүнө кам көргөн адамдар тарабынан физикалык жазага жана/же психологиялык зомбулукка кабылган балдардын үлүшү (ТӨМ 16.2.1) 74,3 пайызды түзсө, 2014-жылы бул көрсөткүч 57,1 пайызды түзгөн. Мындан тышкары, бул балдарга (75,5 пайыз) жана кыздарга (73,0 пайыз) тиешелүү. Шаарларда балдарга карата зомбулуктун деңгээли айыл жерине (73,1 пайыз) караганда бир аз жогору (76,9 пайыз). Балдарга карата зомбулуктун эң жогорку деңгээли Ош шаарында (85,6 пайыз) жана Чүй облусунда (83,5 пайыз) катталган.


Аялдардын үчтөн бири гана мамлекеттик бийлик органдарынан коргоо издөөгө даяр (ТӨМ 16.3.1). Зомбулукка кабылган аялдардын жардам сурап компетенттүү органдарга кайрылган учурларынын саны буга далил. 2018-жылы мындай аялдардын саны 29,5 пайызды түзгөн. Шаарларда кайрылуунун деңгээли айыл жерине (22,4 пайыз) караганда бир топ жогору (38,4 пайыз), бул ири калктуу конуштарда жабырлануучулардын анонимдүүлүктү сактоонун ыктымалдыгына байланыштуу. Айыл жеринде зомбулуктун ар бир учуру көрүнүп турат, бул зомбулукка жана стигматизацияга дуушар болгон аялдар үчүн расмий коргоо механизмдерин колдонууну кыйындатат.

**55-график.**

**Акыркы айда өздөрүнө кам көргөн адамдар тарабынан ар кандай физикалык жазалоого жана/же психологиялык агрессияга дуушар болгон 1 жаштан 14 жашка чейинки балдардын үлүшү**




**2018-ЖЫЛЫ АЙМАКТАР БОЮНЧА**



*2021-жылы 307 адам кызматтык кылмыштар үчүн соттолгон, анын ичинде коррупция жана паракорлук, анын ичинде 278 эркек жана 29 аял.* Көрүлгөн чараларга, анын ичинде кызмат адамдарынын кирешелерин жана мүлктөрүн декларациялоо, мамлекеттик сатып алуулардын электрондук системасын киргизүү жана башка чараларга карабастан, жалпысынан өлкөдө коррупциянын масштабы олуттуу өзгөргөн жок.

Юстиция жана сот органдарында, ошондой эле сот системасында аялдар менен эркектердин өкүлчүлүгү мамлекеттик башкаруунун жана укук коргоо органдарынын инклюзивдүү мүнөзүнүн көрсөткүчү болуп саналат. Эркектер атайын кызматтарда (12,3 пайыз) аялдарга (11,4 пайыз) караганда көбүрөөк көрсөтүлсө, аялдар административдик кызматтарда (тиешелүүлүгүнө жараша 88,6 пайыз жана 88,7 пайыз) үстөмдүк кылышат.

Беш жашка чейинки балдардын көбүнүн туулгандыгы тууралуу күбөлүктөрү бар болгон. 2014-жылдагы 97,7 пайызга салыштырмалуу 2018-жылы балдардын 98,9 пайызы расмий катталган (ТӨМ 16.9.1). Жынысы жана туулган жери бо-


**56-график.**

**Акыркы 12 айда тоноо жана/же кол салуу түрүндө физикалык зомбулуктун курмандыгы болгон жана 2018-жылы соңку тоноо жана/же кол салуу тууралуу полицияга билдирген 15-49 жаштагы аялдардын үлүшү**




**57-график.**

**Кызмат абалындагы кылмыш үчүн соттолгондордун саны** *(адам)*



юнча олуттуу айырмачылыктар болгон эмес. Балдарды төрөлгөндө каттоого алуу – аларды мыйзам алдында таануу жана укуктарын сактоо болуп саналат, ошондой эле бул укуктардын бузулушу байкалбай калбастыгын камсыздоонун биринчи кадамы. 2018-жылдын 1-январынан баштап ар бир төрөлгөн бала үчүн өкмөт тарабынан белгиленген бир жолку «балага сүйүнчү» жөлөкпулу балдардын өз убагында каттоого алынышына өбөлгө түзөт.

Жарандардын, анын ичинде зомбулукка кабылган аялдардын мыйзамдуулук жана тартипти камсыздоочу мамлекеттик органдарга болгон ишениминин деңгээли ачык эле жетишсиз. Мамлекеттик башкаруу органдарынын, анын ичинде укук коргоо органдарынын гендердик курамы көңүл борборунда болууга тийиш, анткени аялдардын санынын көбөйүшү алардын инклюзивдүү мүнөзүнүн далили болуп саналат.

**58** коррупция жана пара менен байланышкан кылмыштарды жасаган адамдар




анын ичинде **6,9%** Аялдар **93,1%** Эркектер


**58-график.**

**Коргоо, коомдук тартип жана коопсуздук ишин камсыздаган мамлекеттик органдардан тышкары мамлекеттик мекемелердеги кызмат орундарынын үлүшү**


**САЯСИЙ КЫЗМАТТАРДА**




**АТАЙЫН КЫЗМАТТАРДА**




**АДМИНИСТРАТИВДИК КЫЗМАТТАРДА**



17 ТУРУКТУУ ӨНҮГҮҮ МАКСАТЫНДА ӨНӨКТӨШТҮК

# ТӨМ 17.
## Туруктуу өнүктүрүү кызыкчылыгындагы глобалдык өнөктөштүк алкагында ишти жүзөгө ашыруу жана активдештирүү каражаттарын бекемдөө

Интернетти жигердүү колдонгон өлкөнүн калкынын үлүшү ТӨМ 17ге жетүү боюнча маанилүү көрсөткүчтөрдүн бири болуп саналат (ТӨМ 17.8.1). Бул көрсөткүчтү жынысы боюнча байкоо маанилүү, анткени жеткиликтүүлүктө олуттуу айырманын болушу санариптик гендердик ажырымдын бар экендигин көрсөтүп турат.

2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы коомду атаандаштыкка жөндөмдүү санариптик экономиканы түзүү максатына, инновациялык жана экологиялык таза технологияларды колдонууга, өнүктүрүү саясатынын артыкчылыгы катары өндүрүшкө жана башкарууга маалыматтык технологияларды кеңири жайылтууга багыттайт.

Кыргыз Республикасынын 2030-жылга чейин гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегиясында техникалык инфраструктураны жакшыртуу аркылуу билим алууда аялдарды институционалдык жана инфраструктуралык колдоого, анын ичинде элеттик аялдар жана ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар үчүн багытталган саясий чаралар камтылган.

*Кыргызстанда 15 жана андан жогорку жаштагы калктын 78,9 пайызы Интернетти үзгүлтүксүз колдонот.* Шаар тургундарына караганда айыл тургундарынын арасында интернет колдонуучулар 9,0 пайыздык пунктка аз. Жалал-Абад (64,1 пайыз), Баткен (74,5 пайыз), Нарын (75,6 пайыз) жана Талас (75,1 пайыз) облустарынын тургундары Интернетти республикалык орточо көрсөткүчтөн төмөн колдонушкан.


*2021-жылы Интернетти колдонгон эркектердин үлүшү 79,2 пайызды, аялдар 78,6 пайызды түзгөн.* Элеттик аялдардын арасында интернетти колдонгон аялдардын үлүшү 75,0 пайызды түзсө, шаарда жашаган аялдардын арасында 83,9 пайызды түздү.

Колдонуучулардын эң көп саны аялдар арасында да, эркектер арасында да жогорку кесиптик билими бар адамдар. Ошол эле учурда 15-49 жаштагы аялдардын 21 пайызы гана жана 15-24 жаштагы аялдардын 30 пайызга жакыны МКТ боюнча көндүмгө ээ болгон.

Интернеттин жеткиликтүүлүгү калктын МКТга жана санариптик технологияларга жеткиликтүүлүгүн кеңейтүү үчүн зарыл инфраструктураны түзөт. Бирок, бул аялдардын санариптик трансформация процесстерине активдүү катышуусу үчүн жетиштүү эмес, алардын МКТны колдонуу боюнча көндүмдөрүн андан ары да өнүктүрүүнү талап кылат.


**59-график.**

**Интернетти пайдаланган калктын үлүшү** *(соңку 3 айда ар кандай түзүлүш менен интернетти пайдаланган 15 жана андан улуу курактагы калктын пайыздык үлүшү)*




*УЧИИ маалыматы боюнча.*

**2021-ЖЫЛЫ АЙМАКТАР БОЮНЧА**




*УЧИИ маалыматы боюнча*

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА ТУРУКТУУ ӨНҮКТҮРҮҮ ЖАНА ГЕНДЕР ЖААТЫНДАГЫ МАКСАТТАР**
**2014-2021**

Статистикалык жыйнак

Басууга кол коюлду: февраль 2023-жыл.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети**
Бишкек ш., Фрунзе көч., 374
+996 (312) 324 652
+996 (312) 664 042
+996 (312) 664 040
+996 (312) 660 138
e-mail: nsc_mail@stat.kg
www.stat.kg

**Европа жана Борбордук Азия өлкөлөрү үчүн «БУУ-аялдар» түзүмүнүн региондук кеңсеси**
Abide-i Hürriyet Cad. İstiklal Sok.
No: 11 KEY Plaza Kat: 8
34381 Şişli, Стамбул, Турция.
eca.unwomen.org/ru
facebook.com/unwomen.centralasia
twitter.com/unwomenctrlasia
flickr.com/photos/unwomeneuropecentralasia/
www.instagram.com/unwomen.russian/